9 Жылкы менин жан жолдошум, сырдашым..



8 “People” журналы 2016-жылдын эң сулуусун атады


# САРЕСЕП

saresep.kg

28-апрель, 2016-жыл
№16 (49)
Калыс көз караш!


# Франчайзинг кыргызга куп жарашат



4-бетте



Даңазалуу доор

5-бетте



Күкүк энелерге бейби-бокс орнотулабы?

6-бетте




Саясат шоубу же милдетпи?

10-бетте




НУР CATERING

1 кг. аш 900 сом

*Адал, даамдуу* жана *арзан* тамак жеткирип берүү кызматы!

*Шорпо, Солянка, Рагу, Тефтель, Ганфан, Долма, Лагман, Дымдама, Куурдак , Аш, Манты, Котлет, Бифштекс, Гуляш гарнирлери менен* 99 сомдон

0 558 70 50 66

БИШКЕК ШААРЫ БОЮНЧА ЖЕТКИРҮҮ АКЫСЫЗ

# Чыныбай Турсунбеков - спикер



Жогорку Кеңештин бүгүнкү жалпы жыйынында социал-демократтардын лидери Чыныбай Турсунбеков спикер болуп шайланды. Анын талапкерлигин жыйынга катышкан 120 депутаттын 88и колдоду. Исхак Масалиев 26 добуш алды. Баарына каршы үч добуш берилген. Дагы үч бюллетень жараксыз деп табылды.

Спикер тандоо жашыруун добуш берүү аркылуу өттү. Добуш берүүнүн ачыктыгын камсыздоо үчүн он эки депутаттан турган эсептөө комиссиясы түзүлдү. Талапкер Исхак Масалиев шайлоо ачык өткөнүн билдирди. Парламент спикерлигине “Өнүгүү-Прогресс” партиясынан Исхак Масалиев, КСДП, “Ата Мекен”, “Республика – Ата Журт”, “Кыргызстан” фракцияларынан Чыныбай Турсунбеков көрсөтүлгөн эле.

# Орусия менен Казакстандан Ысык-Көлгө түз каттам ачылат




Орусия менен Казакстандын авиакомпаниялары Ысык-Көлгө түз каттамдарды ачууга даяр. Бул жөнүндө “Манас эл аралык аэропорту” ААКнын инвестициялык жана инфраструктуралык өнүгүү дирекциясынын башчысы Абдималик Бусурманкулов билдирди.

Тамчы аэропортунда аткарылып жаткан иштер жөнүндө сөз кылып жатып ал реконструкциялоо иштери 4 багытта жүрүп жаткандыгын кабарлады. Бул – жарык менен белги берүүчү жабдууларды, учактарды кондуруу тутумдарын орнотуу, электр энергиясын үзгүлтүксүз камсыздоо жана учуу-конуу аймагын кеңейтүү болуп саналат. Бүгүнкү күндө учуу-конуу аймагынын узундугу 3800 метрге чейин узартылган.

Анын айтымында, “Ысык-Көл” аэропортун жаңылоо 2016-жылдын июнь айынын ортолорунда аяктайт. Андан соң аба майданы түн-күн дебей жыл бою үзгүлтүксүз иштей турган болот.

Бусурманкулов маалымдагандай, бир катар орусиялык жана казакстандык компаниялардан түз каттамдарды ачуу тууралуу сунуштар келип түштү. Туристтик сезонду утурлай Тамчыда Алматы, Астана жана Шымкенттен түз авиакаттамдар ишке киргизилет. Ошондой эле Ош-Тамчы ички каттамы болот.

# Украина кыргыздардын Крымда иштөөсүнө каршы



Украинанын Кыргызстандагы элчилиги Миграция кызматынын Крымга жарандарды жумушка орноштуруу аракети боюнча билдирүү таратты. Анда “убактылуу оккупацияда турган” Крымга кыргызстандыктарды ишке орноштуруу кыргыз-украин алакасына доо кетире турганы айтылган.

21-апрелде Кыргызстандын Миграция кызматы Ялта шаарындагы мейманканалардын бирине 500 жаранды жумушка орноштуруу боюнча келишим түзүлгөнүн жарыялаган. Крым менен сүйлөшүү соңку кезде Түркияга жумушчу күчү азыраак талап кылына баштаганына байланыштуу жүргүзүлгөн.

Украинанын Крым жарым аралын Орусия 2014-жылы мартта референдум өткөрүп туруп бөлүп алган. Дүйнө коомчулугу анын жыйынтыгын таанибай турат.

# Үч жылда 14 адам кулчулукка сатылды



Бейөкмөт уюмдардын берген маалыматында 2013-2016-жылдар аралыгында Кыргызстандык 14 адам кулчулукка сатылган. Адам сатуу бизнеси дүйнө боюнча баңгизаттан кийинки эле эң кирешелүү тармак болуп саналат.

26-апрелде кулчулукка каршы мыйзамдын аткарылышы боюнча жыйын болуп өттү. Анда ведомстволор аралык платформанын 2013-2016-жылдарга карата жасалган иштери талкууланды. Бул платформа кулчулукка кетип жаткан жарандардын санын азайтууга багытталып түзүлгөн. Ага мамлекеттик, эл аралык жана бейөкмөт уюмдар мүчөлүк кылат. Мерчемделген 3 жылда Кыргыз Республикасынын миграция кызматы мыйзамга жаңы өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча көмөк көрсөтүп келүүдө. Бул тууралуу кызматтын басма сөз катчысы Айсулуу Исабек кызы билдирди. Анын айтымында Кыргызстандык жарандардын чет өлкөгө сатылып кеткен фактылары азая элек.



# Кылмыштын саны кыскаруда

“2015-жылы баңгичиликке байланыштуу өлтүрүү, зордуктоо сыяктуу өзгөчө оор жана оор кылмыштырдын саны, ошондой эле адам өмүрүнө, ден-соолугуна зыян келтирген кылмыштардын саны азайган. Бул тууралуу башкы прокурордун 2015-жылга карата берген отчётунда айтылган.

Республикада адам өлтүрүү 14 пайызга кыскарган. Зордуктоо 14,6 пайызга, адамдын дене мүчөсүнө оор зыян келтирүү 17,9 пайызга, адам сатуу 52,6 пайызга, каракчылык кол салуу менен тоноо 5,5 пайызга, тоноп алуу 7,1 пайызга, тентектик 3,5 пайызга, мал уурулук 8,1 пайызга, баңгилик жана баңги бизнеси боюнча жасалган кылмыштар 4,6 пайызга, аскердик кылмыштар 52,5 пайызга, экологиялык кылмыштар 34,6 пайызга кыскарган.

Оор жана өзгөчө оор кылмыштардын саны 2014-жылдын деңгээлинде калган. 2014-жылы мындай кылмыштардын саны 4124кө жеткен. Пайыздык жактан салыштырганда 2015-жылы кылмыштуулуктун саны 15 пайызга азайган. Анын өсүшү Бишкекте 12,4 пайыз болсо, Ош шаарында 10,8 пайызга жеткен.



# Бишкекте Борбор Азиядагы чек ара коопсуздугу талкууланууда

Бишкекте өтүп жаткан Борбор Азиядагы чек ара коопсуздугу боюнча эл аралык жыйынга Кыргызстан, Казакстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстан, Ооганстан, Орусия, Австрия, Латвия, Литва, Финляндиянын өкүлдөрү катышууда.

Мындай жыйын он экинчи жолу өтүп жатат. Кыргызстандын Мамлекеттик чек ара кызматынан билдиришкендей, эки күндүк талкууда чөлкөмдөгү чек араларда коопсуздукту камсыздоо, көзөмөлдөө, көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган сунуштар ортого салынмакчы. Жыйында ортолук маселелерди чечүү үчүн аймактык кызматташтыкты жакшыртуу маселелери да талкууга алынмакчы.

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925
САРЕСЕП
**Башкы редактор:** Эсен Өмүраkунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов
**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити
**Нускасы: 6500**
**Буйрутма № 986**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Токтомдордун 80-90%ын жокко чыгарса болмок



**Ошентип бир заматта өкмөт башчыбыз кетип, ордуна башка бирөө отуруп калды. Чынында, бул чоңдор үчүн байпак алмашкандай көрүнүш болгону менен, мунун азабын катардагы эл, салык төккөн ишкерлер тартып келет дешет. Ошол эле маалда, иштебеген кызматкерди кетирип, ордуна иштегенин коюу да жакшы көрүнүш дей тургандар да аз эмес. Кептин кыскасы, аз да болсо ишмердик кылып, экономика, бизнес чөйрөсүндө тиш кагып калган** ишкер Эльдар Абакировго **«Өкмөт башчылардын тез-тез алмашуусу бизнеске кандай таасирин тийгизет?» деген суроо менен кайрылып көрдүк.**

– Кыргызстан өкмөт башчылардын алмашуусу боюнча "Гиннесске" киргени калды. Эгер мамлекетте туруктуулук болбосо, ал ишкерлик кылууга терс таасирин тийгизет. Себеби, премьер-министрлер улам алмашкан сайын ишти кайра башынан баштоого туура келип жатат. Бир иш баштап, жаңы эле үзүрүн көрөлү деп калганда эле мамлекеттин бир функциясы, же дагы башка нерсеси чыгат да, ишибиз ошону менен токтоп калып жатат. Мындан ар бир ишкер кыйналууда. Бүгүнкү күнү биз жумушчу экспорттой турган өлкөгө айланып кеттик. Бул 15-20 жылдан кийин мамлекеттин келечегине балта чапчу өтө чоң көйгөй болуп саналат. Ошондуктан ишкерлерге жардам бере турган жаңы реформа иштеп чыгуу зарыл.

Тилекке каршы, бүгүнкү күнү көп жерде элдин маселесин чечүү эмес, өзүнүн чөнтөгүнүн маселесин чечүү алдыга чыгып калды. Тиешелүү министрликтер ишкерликтин көйгөйүн өз убагында чечип берип, саны бар сапаты жок токтомдорун 80-90 пайыз жокко чыгарса болмок. Анын ордуна алар эптеп бир жерден кынтык таап эле акча алуунун айласын кылып жатат.

Кыргызстанда 3 миңден ашык мыйзам менен токтом ишкерликти камтыйт экен. Үч миң бетти окуунун өзү эле чоң жумуш. Ал эми 3 миң мыйзам, токтом деген мээге сыйбаган нерсе. Аталган токтомдордун баардыгын текшерип чыгып, кереги жогун алып салуу керек. Себеби кээ бир органдар бул мыйзамдарды, токтомдорду туура эмес пайдаланууда.

# "Ырчы, футболчулардын тиешеси жок"



**25-апрель күнү Жогорку Кеңештин жыйынында Өкмөт депутаттарга бир жылдык отчетун берип, эл өкүлдөрүнүн арасында катуу сынга калды.** Жогорку Кеңештин депутаты Максат Сабировго **" Өкмөттүн баяндамасынын кайсыл жери сизге жаккан жок? Эмне үчүн?" деген суроо менен кайрылдык.**

– Өкмөт отчетуна Жийдеш Идирисова менен Кайрат Примбердиев эл аралык сынактарда алдыңкы орундарды алды. Мына ушундай жетишкендиктер болду деп киргизип коюптур. Баяндамада бул Өкмөттүн жетишкендиктери деп жазылып жатат. Анан мен аларга "Силер кандай жардам бердиңер?" деп айттым. Негизи байкуш ырчылар өздөрүн-өздөрү каржылап, чуркап жүрүп ар кайсы жерден акча табышат. А булар бир тыйын жардам бербей туруп эмнеге алардын жетишкендиктерин отчетко киргизип койгонун билбейм. "Кыргызстанда спорт өнүктү" деп футбол боюнча жазышыптыр. Футболчуларды жеке менчик компаниялар каржылаары баарына эле маалым эмеспи. Ал отчеттун негизинде баарына орден тагып, сыйлаш керек болуп калыптыр. Мындай нерсе боло берсе биз артка кетишибиз абзел. Ошондуктан турмуштагы реалдуулукту көрсөтүш керек. Кыргызстандын жашоочуларына кандай жардам керек болуп турат? Мына ошолор тууралуу так жазылыш керек болчу. Тилекке каршы, андай фактылар баяндамада аз камтылган. Жалаң жакшы жактары жазылып, жаман жактары жазылбай калып жатат. Отчетто жакшы менен жаманды бирдей жазышса жакшы болмок.

Ал эми Жогорку Кеңештеги "Бир бол" фракциясынын депутаты Акылбек Жапаров жалпы эле берилген отчеттор тууралуу төмөнкүдөй оюн билдирип:

– Биз 5-чакырылыштагы депутаттар 1 жылдык отчёт бергенде так, туура берүү боюнча сүйлөшкөн элек. 60 беттен турган отчётто жумушунда прогресс болдубу же регресс боюнча калып калдыбы, ошону айтыш керек эле. Учурда министрлер аткарган 1 жылдык жумушунда 105 беттен турган отчёт жазып берип жатышат. 105 барактын 50 барагында «Кудай буйруса жасайбыз», «Алдыда бул иштерди кылабыз» дегендер жазылган. Жасалган иш аз жазылып жатат. Отчётту сиздер беримиш болуп, биз алымыш кылбашыбыз керек эле", – деди.

# "Чындык чыркырап турган жерде акыйкатчы болушу керек"




**Жогорку Кеңештин жыйынында КРнын акыйкатчысы Кубат Оторбаев отчет берип бүткөндөн кийин** депутат Рыскелди Момбеков **акыйкатчыга "сиздин отчетуңуз жай айтсам жумшак, катуу айтсам кургак", – деп билдирди. Ошондон улам биз андан эмне үчүн акыйкатчыга мындай баа бергенин сурап көрдүк.**

– Кубат Оторбаевдин акыйкатчы катары жасаган отчетуна бир гана мен эмес, жөнөкөй адам деле алымсынбайт. Анткени ал жерде бүгүнкү күндө болуп жаткан эч бир чындык көрсөтүлгөн эмес. Үстүртөн эле жазылган баяндама болуп калган. Акыйкатчы болуп шайланганына 6 ай болсо дагы акыйкатчыга тиешелүү бир дагы иш аткарган жок. Маселен, укук коргоо органында 25 жыл иштеген Зумрад Жанабаева камакка алынды. Анын укугун талаша турган киши жок болуп, ал маселени Жогорку Кеңеште биз көтөрдүк. Акыйкатчы барып "Зумрад Жанабаеванын камакта отуруушу туура эмес. Мындан дагы оор кылмыш жасаган кылмышкерлер үй камагына чыгарылып жатат", – деп айтса болмок. Жанабаева мамлекетке чыгаша келтирген жок да. Болгону документке туура эмес кол койгондугу үчүн түрмөдө жатты. Ошол эле учурда 600 миң акчаны алып жаткан жеринен кармалган Ош шаардык "Тазалык" башкармалыгынын жетекчисин эртеси күнү сот актап отурат. Чындык чыркырап турган жерде акыйкатчы болушу керек. Акыйкат ыйлап жаткан кезде ыйлап турушу зарыл. Мен акыйкатчыны андай жерлерден көргөн жокмун. Баяндамада бизге бул нерсе керек, тигил нерсени алуу зарыл дегендер жазылган. Алар өздөрүнүн укугун коргой албай жатса, Кыргызстандагы башка адамдардын укугун коргоп эмне кылат? Өздөрү байкуш болуп турса. Дегеле, парламентте акыйкатчы институтунун кадыр-баркы кеткен. Аны Турсунбек Акун менен Бакыт Аманбаев деген эки акыйкатчы жасады. Акыйкатчынын баяндамасынан кийин адам укуктарын сактабаганы үчүн 5-6 министрди кызматынан алып, 4-5 прокурорго кылмыш иши козголсо, 10го жакын соттор кызматынан айрылса, мына ошондо акыйкатчы институтунун баркы көтөрүлмөк. Мен Кубат Оторбаевдин өзүн эмес, анын отчетун мына ушундай мисалдар менен катуу сынга алдым.

# Демөөрчү автордон сөзсүз уруксат алышы керек

**23-апрель күнү өлкөбүздө китеп жана автордук укук күнү белгиленип, Бишкектин борборунда китеп көргөзмөсү уюштурулду. Бул көргөзмөдө ар кандай жанрдагы, ар кандай формадагы миңдеген китептер элдин назарына сунулду. Ошол эле маалда келген коноктор каалаган китебин сатып алуу мүмкүнчүлүгүнө да ээ болушкан. Анткени менен коомчулукка сунулган китептердин көбүн жаңы чыгармалар менен жаңы авторлор ээлеп тургандай. Ушундан улам "Көзү өтүп кеткен чыгаан жазуучулардын, залкар акындардын чыгармаларын кайрадан басып чыгарып, элге жайылтуу үчүн демилгечи кимден уруксат алып, кандай жоболорду аткарыш керек?" деген суроо менен Кыргыз Республикасынын** Улуттук китеп палатасына **кайрылып, мекеменин** мүдүрүнүн орун басары Кален Сыдыковадан **төмөнкүдөй жооп алдык:**



– Бул жерде эки маселе каралган. Биринчиден, ал кишилер тирүү болсо өзү келип басмаканалар менен келишим түзүп, акчасын төлөп, канча нускада чыгат, жасалгасы кандай болот деп тапшырма бериши керек. Анан айта кетчү нерсе – өздөрү жеке менчик басмаканалар менен сүйлөшүүлөрү керек. Китеп палатасы болсо физикалык жактар менен эмес, юридикалык жактар менен келишим түзүп, көзөмөлгө алып номурун беребиз. Ал номурлар эл аралык стандарттарга жарамдуулугу катары берилет. Эгерде авторлордун көзү өтүп кетип, алардын китебин чыгарам деген демөөрчүлөр табылса, алар ошол автордун мураскерлерине мыйзамдуу түрдө кайрылышы керек. Баласы болобу, же аялы болобу, айтор, үй-бүлөсүнүн бир мүчөсү менен байланышып уруксат алганы оң. Мына ошол адам менен келишим түзүп, макулдугун алып, андан кийин чыгарса болот. Демек биринчи автордун, же ал тирүү болбосо анын мураскерлеринин макулдугун алыш керек. Андан кийин басмаканага барып: "Мына, мен уруксатын алдым, эми чыгарганга мыйзамдуу түрдө укугум бар" деп айтат. Ошондон кийин гана ал өзү каалаган чыгарманы, каалаган китепти эч тоскоолдуксуз кайра бастырса боло берет.

# Франчайзинг кыргызга куп жарашат

Баштоого акча бар, өз бизнесиңди түптөйүн десең эки көзүң төрт, бирок идея менен тажрыйба жок. Мындай учурда даңгыр жолго түшкөн технология жана таанымал бренд, б.а. франчайзинг менен иш баштасаң болот. Франчайзинг дегени эмнеси? Ал өзүн актайбы?

## Франчайзинг деген эмне?

Англис тилинен келген «franchise», «уруксат», «артыкчылык» деген маанини билдирет. Анда биринчи тарап (франчайзер) экинчи тарапка (франчайзи) шыдыр жолго түшкөн бизнес-үлгүнүн пайдалануу укугун белгилүү бир баага сатат. Муну менен бирге франчайзер алуучуга өз атынан иш жүргүзүүгө, тагырак айтканда, анын товардык белгилери менен брендин кенен-кесир колдонууга уруксатын кошо берет.

## Франчайзерге эмне пайда?

Бул учурда түзүлгөн келишимге ылайык франчайзинин аз да болсо туруктуу көлөмдө өндүрүмдү, товарды же кызматты сатып алуусу франчайзердин негизги пайдасы болуп калат. Киреше туруктуу болсо, аны келечекке чуктап, жаңы багыттарды ачууга мүмкүндүк түзүлөт. Мында франчайзер кызматкерлерди тандоо жана аларды окутуу, өндүрүмдүн же кызматтын сапатын көзөмөлдөө деген майда-чүйдө нерселер менен башын оорутпайт. Мындан сырткары, франчайзилерден турган желени улоо өз брендиңди атайын чыгашаларды талап кылбаган жарнамалоонун эң пайдалуу жолу.

## Франчайзигечи?

Жаңы ишке киришкен тарап дароо таанымал бренд жана даңгыр жолго салынган, өзүнүн эффективдүүлүгүн далилдеген бизнес-үлгүнүн ээси болуп жатып калат. Демек атаандаштык базарына кетенчиктебестен кире берет.

Франчайзи ишмердигин белгилүү бренд/желенин бир бөлүгү катары баштагандыктан, ал жергиликтүү базарда өзүн жарнамалоого чектелүү гана каражат сарптайт.

Франчайзер бизнес өнөктөштөрүнө тыкылдап иштеген кыймылдаткыч сыяктуу бизнес-үлгү менен бирге анын натыйжалуу «колдонмосун» кошо берет. Ал франчайзи тарапка ишти пайдубалынан баштап куруп чыгуунун өзгөчөлүктөрүн ийне-жибине чейин түшүндүрүп берет.

Франчайзинг заманбап компаниялардын өзгөчө көңүл бурган багыты боло баштагандыктан, франчайзилер эң ыңгайлуу шарттарга ээ болушат. Франчайзер аларды убагынан кечиктирбей эң сапаттуу ресурстар менен камсыздап турууга кызыктар.


## Франчайзинг менен кантип табышабыз?



Ишкерлер менен биздин окурмандар франчайзинг деген «сулуу» менен Эл аралык «East Star Capital Kyrgyz Republic" инвестициялык компания уюштуруп жаткан «Эл аралык франчайзинг жана бизнес ЭКСПО» форумунан таанышса болот. Бул иш-чара Кыргыз Республикасынын Соода – өнөр-жай палатасынын кеңири колдоосу менен 2016-жылдын 24-25-майында Бишкекте өтөт. Ага Борбордук Азия жана КМШ өлкөлөрүнө кирем деген дүйнөгө таанымал жайкалган бренддер катышат. Аларга кошулуп Кыргызстанда таанымал болуп кеткен бренддер да өзүн франчайзинг катары кудалашат.

ЭКСПОго катышкандар түрдүү өлкөлөрдө өркүндөп-өскөн компания менен келишим түзүүгө же анын даяр бизнес-моделин сатып алууга болот. Анда бизге ылайыктуу көп багыттар бар: пицериясы бар тез татым желеси, ресторан иши, салкындатуучу суусундуктар, заманбап мейманканалар, бала окутуу тармактары, спорт, атайын жабдыктар, жеңил жана түрдүү тармакта иш кыла алчу унаалар... Ии-ий, койчуу-у, койчу!.. Эмне гана жок, эмне гана?!

Каржы боюнча эксперт
МУРАТ АКИНОВИЧ КОЙЛУБАЕВ



# ЭКОНОМИКС

Американын атактуу окумуштуулары Н.Мэнкью менен М.Тейлордун «Экономикс» аттуу китеби АКШ жана башка көптөгөн өлкөдө кайра-кайра басылууда. Анда экономикалык теориянын он негизги принциби каралган. Китеп экономикага кызыккан ар бир адамга пайдалуу

## Токочко сунулган колдор

«Экономика» сөзү байыркы гректердин «ойкономос» – «үй оокатын жүргүзүү» деген сөз курамынан келген. Бир караганда үй чарбачылыгы менен экономика бири-биринен алыс түшүнүктөр. Бирок кылдат караган адам үчүн экөөнүн ортосунда окшоштук көп.

Үй тиричилигинде ким эмне менен алек болот жана ал милдетин аткаргандыгы үчүн эмнеге татыктуу деген сыяктуу көптөгөн чечимдерди кабыл алууга мажбурбуз. Мисалы тамак бышырып же кир жууган адам ошол эмгеги үчүн муздаткычтагы балмуздакты жесе болот, же үй-бүлөбүз менен чогуу көрчү тасманы тандоо укугуна ээ. Кыскача айтканда, дарамети, мүмкүнчүлүгү жана каалоосуна жараша чектелген ресурстарды үй-бүлө мүчөлөрүнүн арасында бөлүштүрүүгө аракет кылабыз.

Үй чарбачылыгы сыяктуу эле, коом дагы улам пайда болгон маселелер боюнча ыкчам чечимдерди кабыл алууга мажбур. Коом кайсыл иштер эң биринчи кезекте жана ким тарабынан аткарылуусу керек экенин чечүүсү керек. Ал буудай эккен, мал асыраган, кийим тиккен, компьютерлерге программа жазган адамдарга муктаж. Коом жер, имарат, унааларды бөлүштүргөндөй эле түрдүү иштерди кылдыруу үчүн адамдарды да өз ордуларына коюп чыгуусу шарт. Бул болсо бирөө куйрук боордон балчандай чайнап жаткан кезде, экинчиси суугa талкан көөлөп жеп отурууга алымсынуусу, же бирөө жонуна чөйчөк койсо кылт этпеген жорго минсе, экинчиси чүлүктөгөн өгүз мингенге ыраазы болушу керек дегендик.

## «Экономикс» деген эмне?

Башкаруунун мааниси – баарына жетпеген чектелүү ресурстарды бөлүштүрүүдө. Чектелгендик – коом белгилүү гана ресурстарга ээ, ошондуктан адамдар талап кылган бардык керектүү өндүрүм жана кызматтарды суна албайт. Үй-бүлөгө жооптуулар мүчөлөрү талап кылган нерсенин бардыгын камсыздай албагандай эле, коом дагы ар бир өкүлү умтулган жогорку деңгээлдеги жашоо шартын түзүп бере албайт.

Экономикс – коом чектелген ресурстарын кантип башкарып жаткандыгы тууралуу илим. Коомдордун басымдуу көпчүлүгүндө ресурстар бирдиктүү борбор аркылуу эмес, миллиондогон үй чарбалары жана фирмалар аркылуу бөлүштүрүлөт. Ошондуктан экономчулардын максаты – адамдардын чечим чыгаруу жараянын изилдөө. Адамдар канча иштешет, эмне сатып алышат, канча каражатын сакташат жана аларды кайсыл жакка инвестиция кылат деген сыяктуу суроолорго жооп табуу. Экономчулар адамдардын өз ара байлыныштарын да изилдешет. Мисалы: өндүрүмдүн баасы менен саны канча экендигин сатып алуучу жана сатуучу аныктайт. Мындан сырткары, экономчулар экономикага жалпы таасир берген орто кирешенин өсүүсү, ишсиз калган тайпа, баалар кандай ыкчамдыкта жогоруулоодо деген фактор менен негизги багыттарга саресеп салат.

## Экономиканын он принциби

Экономиялык теория көп кырдуу, бирок бир нече негизги ойдо биригет. Биз экономикалык теориянын он негизин карап чыгабыз. Аларды дароо түшүнбөй же ишенимдүү эмес деп эсептешиңиз мүмкүн. Андан чочулабаңыз, биз бул ойлорду кийинчерек толук карап чыгабыз. Экономикс тууралуу жалпы түшүнүк берүү максатында биз китептин башында бул он негизге үстүртөн көз чаптырабыз. Сиз бул макалабызды экономикстин кызыктуу дүйнөсүнө биринчи чумкуу катары карасаңыз болот.

# Даңазалуу доор

Канчалык оозубузду толтуруп, көбүртүп-жабыртып, жамажайыбыз жырылганча "Кыргызстан демократиялуу өлкө", "Орто Азиядагы демократиянын үлгүсү", "Постсоветтик өлкөлөрдүн ичинен демократияны тутууну жагынан ат чабым алдыга кеттик" деп мактана бергенибиз менен, иш жүзүндө бизде классикалык демократиянын анча-мынча белгилери эле болбосо, анын негиздери жок болуп чыгууда



Же болбосо, биз кыргыздар демократия деген калыптанган түшүнүктү өзүбүзчө жаңыдан жасап, "кыргызча демократия" деген жаңы саясий түшүнүктү жаратып алдык окшойт. Болбосо, 25 жылдан бери бир аз алдыга жылып, улам кийинки келген президент, бийлик төбөлдөрү мурдагылардын аянычтуу тагдырынан сабак алып, карыштан, сөөмдөн болсо да демократиянын классикалык үлгүсү менен алдыга жылмак. Жылбай койдук...

Айталы дегенебиз, ушу тапта Кыргыз Республикасы толугу менен КСДПлаштыруу жараянын башынан кечирүүдө. Президенти бар, Премьери да өзүнөн чыккан, парламентти төрагасын кошуп туруп өздүк кылып алган КСДП партиясы бүгүн кечээки Аскар Акаевдин ара төрөлүп калган "Алга Кыргызстан", кийинки Курманбек Бакиевдин батасын алган "Акжол" партиясынын жолоюнан чыкпай, так ошол жүрүш менен бүт өлкөгө кулач жайып баратат. Азыр кайсыл тармакты караба, баардыгын тең эле КСДПчылар ээлеп алып, каалагандай башкарып жатышат. Чындыгында, биз мындай болот деп ойлогон эмес элек, болсо да мынчалыкка бараарына ишенгибиз келчү эмес.

## Бакиевчил реваншистер жеңгенде

Ооба, 2010-жылдын 7-апрелиндеги кандуу ыңкылаптан кийин, оозунан күйүттүн көк түтүнү бургуйлаган Алмазбек Атамбаев көр башында туруп ант берип, Кыргызстанды мындан ары коррупциялашпаган, кландашпаган, ууру-кескилер башкарбаган, элдин гана кызыкчылыгы үчүн ак, таза иштеп бергендер башкарган өлкө кылам деп сөз берген. Аны менен кошо Убактылуу өкмөттүн 14 мүчөсү да касам ичип каргаңып, кайгыдан башын көтөрө албай турган элге үмүттүн шооласын үлпүлдөтүшкөн болчу. Ошого улай эле, парламенттик адилет башкарууга алпарган референдум өткөрүп, эч кимиси президент, премьер болгусу келбегендей түр менен Роза Отунбаеваны Убактылуу президенттикке шайлап, өздөрү ар кайсыл партия менен жапырт шайлоого аттанып кеткенде, коомчулук булар мурдагыдан эстүү экен, амбицияларына алы жетет экен, ынсап бар экен деп колдоп турган эле. Көрсө, бекер эле сүйүнүппүз...

Кийин, 2010-жылдын күзүндө ошол Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрү баштаган партиялардан Алмаз Атамбаевдин КСДП партиясы менен Өмүрбек Текебаевдин "Ата Мекени" араң дегенде парламентке илинип, орчундуу орунду Бакиевдер менен ымалалаш жүрүп, революцияда көлөкөсүнөн коркуп жүргөн реваншисттерге тарттырып жиберишкен болчу. Көрсө, мына ошол фактор КСДПны ардантып, бул партиянын политтехнологдору акырындык менен Алмаз Атамбаевдин командасын "ажыдаарга" айлантуунун планын иштеп чыгууга түрткү берген окшобойбу. Ооба, кийин Президент Алмазбек Атамбаев президент болуп шайланары менен билинбеген чоң күч колго тийген КСДП акырындык менен мамлекеттик машинаны өздөрүнүн пайдасына иштетип, көмүскөдө чоң күчкө айланды да калды.

## Эки тизгин бир чылбырды жулуп алганда

УКМК, ИИМ колунда турган КСДП ошондо эле саясий оюндарды баштап, ийге келбеген саясий күчтөрдү камырдай ийлеп, коррупцияга каршы күрөш шылтоосу менен моюн толгогондорду сындыруунун аракетин көрдү. Бирок, Алмаз Атамбаевге туруштук берип, керек болсо аны колго чаап коё турган Өмүрбек Текебаев деген фигура буга жолтоо болуп, КСДПнын пландарынын ишке ашышы кечендеп туруп алды. Мына ошол тосмону жарыш үчүн Алмаз Атамбаевдин командасы Башкы прокурор Аида Салянованы ээрден оодарып түшүп, ордуна өздөрүнүн "короосунда" ойноп өскөн Индира Жолдубаеваны алып келишти. Бүттү, эми баардык бийлик өздөрүнүн колунда. Бир гана нерсе парламентте КСДПнын позициясын күчтөө керек, антпесе, реваншисттерге ишенип болобу?!

Ошону менен былтыр, 2015-жылкы парламенттик шайлоо өтүп, президент өзү үгүттөп жүрүп, КСДП алдыңкы орунга чыгып, аны менен кошо тилалчаак "Кыргызстан", "Өнүгүү-Прогресс" деген партиялар да босогодон аттап келип, эски жолдош "Атамекен" менен бирге анчалык деле баш оорусусуз коалиция түзүлүп калды. Мына ушул жагдай Кыргызстанды толугу менен КСДПлаштырууга жол ачып, бул партияга ылым санагандар жумуштарынан жогорулап, билими бары деле, жогу деле, тажрыйбасы жеткени деле, жетпегени деле, эртең менен бетин жууганы деле, жуубаганы деле кызмат тепкичтерине отуруп калышууда. Бирок, КСДПлаштырууга Өмүрбек Чиркешович сыяктуу эле, өкмөт башчы Темир Сариев да анча-мынча жерден каяша айтып, өзүнүн позициясын бербегендиги, КСДПчылардын кыйындарына жакпай калды. Ошону менен аны дагы кызматтан аңтара түртүп, ордуна премьер болуу түшүнө да кирбеген, эски компартиянын кадры, ушул убакытка чейин жалаң эле мамкызматтарда иштегени менен жарытылуу иши көрүнбөгөн Сооронбай Жээнбековду алып келип отургузуп коюшту. Ошол эле маалда анын үкасы Асылбек Жээнбеков парламенттин төрагасы эле. КСДПнын мындай кадрдык тандоолору кудум эле Курманбек Бакиевдин "Балдарым, бир тууганадарым акылдуу болсо, мен эмне кылайын?" деген айтылуу фразасына окшоп туру.

## Мейли КСДПстан болсун, бирок...

Күнү бүгүн Кыргызстанга "толук жоопкерчиликти" өзүнө алган КСДП бүт өлкөнү каратып туруп эле өз билгенин жасап жатканы турмуштук факт. Буга кечээ парламенттин төрагалыгын Канат Исаев менен Бакыт Төрөбаевдин бирине да ыраа көрбөй, экөөнү жыдытып туруп, эми Чыныбай Турсунбековду алып келүү аракети толук мисал боло алат. Эми кесиби боюнча филолог, бирок, өмүр бою бир да мамлекеттик кызматта иштебеген, кадрдык тепкичтерге бут койбой туруп эле, бизнестен тапкан байлыгы менен депутат болуу, болгондо да президенттин партиясын парламентте жетектөө укугуна ээ болгон Чыныбай Турсунбековдун төрагалыкка эч кандай моралдык укукту эске албай келе жатканын көрүп турабыз. Түңүлүп... Көрсө, "кара кыздын агынан эмес, багынан" дегендей, бийлик кумары, амбиция арааны ачылып кеткенде КСДПнын мүчөлөрү эч нерсени көзгө илбей, жылтыраган жерди баса калуудан кайтпай калат тура. Буга дагы бир кошумча, кечээ мамлекеттик статистикалык комитеттин жакшынакай иштеп жаткан жетекчиси кызматтан кетип, ордуна КСДПнын мурдагы депутаты Ошто "Камаз" деген каймана аты бар, оргу-баргы сүйлөгөн, МАИлерди "итерип коём" деп атагы чыккан Акылбек Султановду алып келишкенде, КСДПдан эл чындап түңүлө түштү көрүнөт. Болбосо аты Акылбек болбосо да андан акылдуураак кадрлар, жаштар көп эле болсо керек эле...

Карап көрөлү, бүгүн Президент-КСДП, Премьер-КСДП, Төрага-КСДП, Башпрокурор-КСДП, ИИМ башчысы-КСДП, УКМК башчысы-КСДП, Билим берүү министри-КСДП, ӨКМ министри-КСДП, Каржы министри-КСДП, Адилет министри-КСДП, ТИМ министри-КСДП, Саламаттыкты сактоо министри-КСДП, Генералдык штабдын башчысы-КСДП, Эсеп палатасынын башчысы-КСДП, мамлекеттик агенттиктердин, мамлекеттик фонддордун, инспекциялардын жетекчилери -КСДП, жети дубандагы Өкмөттүн өкүлдөрү-КСДПдан, Бишкек, Ош шаарларынын мэри да КСДПнын кадрлары. Кыскасын айтканда, кайсыл капшытты караба-КСДП кадрларынын башы көрүнөт.

Мейли, бүгүн КСДПны ким кой-ай дей алат, "казанчынын өз эрки кайдан кулак чыгарса" дегендей, кадрдык маселенин баарын алар чече берсин дейли. Бирок, эгерде ушул койгон кадрлары керекке жарап, Кыргызстандын экономикасын өөрчүтүп, казынаны калыңдатып, коррупцияны жоюп, эл өнүгүүнү жон териси менен сезе баштаган болсо эч кусаматчылык жок эле. Кашайып, ошол жок болуп жатпайбы. Мына, өткөн айда эле кыргыз бюджетинен тарыхта биринчи жолу ири жол курууга акча бөлүнсө, аны дагы сарамжалсыз пайдаланып, мыйзамсыз тендер өткөргөндүгү үчүн Транспорт жана байланыш министри, КСДПнын саясий кеңешинин мүчөсү Аргынбек Малабаев кызматынан алынды. Мындай алашемдиктерди көрмөксөнгө салып, УКМКнын антикоррупциялык кызматы жер тиктеп отурат.

Кыскасы, деги Кыргызстанды КСДПлаштыруунун арты жакшылык менен эле бүтсө экен. "Үй-бүлөлүк бийликке жол берген жокпуз, мына балдарыбыз аралашкан жок, аялыбыз кийлигишкенин качан көрдүңөр?!" деп өздөрүн өздөрү алдап отуруп, бийликтин эйфориясына алдырып отуруп, КСДП аңга түшпөсө болду. Өзү эле кетсе эмне, Кыргызстанды да дүйнөлүк кризистин капшабына калтырып, сызга отургузуп салсачы?! Андыктан күзгүнү карап, эски тырмоонун башын кайра басып албоого аракет жасагылачы, кадырлуу КСДПчылар! Кыргызстандыктардын баарын жалаң КСДПчы деп ойлоп алган болсоңор, анда келечегибизди Түндүк Кореяга жакындатып албас бекенсиңер?!

ЧЕРИК НООРУЗБАЕВ

# Күкүк энелерге бейби-бокс орнотулабы?

Акыркы убактарда ташталган наристелердин саны менен алардын өлүмү арбып жатат. Ушундан улам коомубуз чынында эле бейби-бокс орнотуу маселесине муктажбы деген суроого жооп издеп көрдүк

Жашоо терезеси деп аталган бейби-бокс англис тилинен алганда "балдар кутусу" деген маанини берет. Баладан анонимдүү түрдө баш тартууга ылайыкташтырылган атайын жабдуу. Медициналык жана ошондой эле диний мекемелерде жайгаштырылат. Эки тарабынан ачыла турган сейф жана аквариум түрүндө болот. Алгач бул конструкция ымыркайлар арабасы деп 18–19-кылымдарда пайда болгон. 2000-жылы бул долбоор көпчүлүк мамлекеттерде ишке ашып, өзгөчө Германияда кеңири таркалган.

Ташталган ымыркайлардын өлүмүнүн арбышынан улам Саламаттыкты сактоо министрлиги Талантбек Батыралиев бейбибокс орнотуу сунушун киргизди. Министрдин айтымында аз каражат талап кылган бул жабдуулар баш тартылган наристелердин жашоосун сактап калууга мүмкүнчүлүк берет.

## Ташталган бала бир жыл ата-энесин күтөт

Сунушта бейби-бокс кутусун төрөтканаларда орнотуу каралгандыктан, чү дегенде эле **Бишкек шаарынын 2-төрөт үйүнүн башкы дарыгери Азамат Алымбаевге** кайрылдык. Агай өз сөзүндө бейби-бокс долбоорунун иштеп кетерине көп ишене албай турганын айтат:




– Элдин ички агымы артып, жаңы конуштардын көбөйүшүнөн улам жылдан-жылга төрөт саны өсүүдө. Бизде 6-7 жыл мурун 4300 бала төрөлчү. Былтыркы жылдары 7 миңден ашып, 8 миңге келип калды. Төрөлүү саны көбөйгөн сайын ара төрөлгөндөр, оорукчан төрөлгөндөр да арбыды. Эми булардын арасында ташталып кеткен балдар да бар. Булар жылдан-жылга көбөйүп жатат. Баш тартылган балдарга токтолсок, биз дагы жаштар менен сүйлөшөбүз. "Эмне болду? Эмне себептен баш тартып жатасың?" деп сурайбыз. "Алданып калдым. Үйлөнөм деди эле, качып кетти" дешет. Эне-аталары билбейт. Балдарын кайда алып барат? Анан жанагы таштандыга салгандай жаман окуялар болуп жатпайбы.

Бейби-бокс дегени чет мамлекеттин практикасы болсо керек. Төрөт үйүнүн жанына ал кутуларды коюп койсо эле баланы салып кетерин практикалык түрдө элестете албай жатам. Бул пропаганда орун ала алабы же жокпу билбейм. Аны орнотпой эле, төрөгөндөн кийин "мен баланы таштап, баш тартуу кагазын жазам" десе биз аларды эч качан куугунтуктап, жаман көзүбүз менен карабайбыз. Ал үчүн элге "баш тартса, эч ким түрмөгө камабайт" деп маалымат бериш керек. Баш тартылган бала түштү деп биз органдарга, балдар үйүнө маалымат беребиз. Ал жактан кызматкерлер келип такташат. Анан бала багып алам дегендер ошол жактан кезекке турушат. Багып алуучулар келип баланы көрүшөт. Бирөөсүнө эркек, бирөөсүнө кыз же болбосо сарысы, карасы дегендей. Жакса болду "Мен бул баланы алам" дешет. Анан бала камсыздап алуу органы буйрутма чыгарып берет. Багып алуучулар алты айга чейин баланы алып кетет. Алты айга чейин документ берилбейт. Алар жөн гана баланы багышат. Себеби бул ай ичинде таштап кеткен эне кайра ойлонуп, баламды алып кетем деген учурлар болуп жатат. Алар келсе багып жаткан кишиден баланы алып энесине беребиз. Эгер алты ай ичинде келбесе, баланы багуу дагы алты айга узартылып, бир жылга берилет. Бир жылдын ичинде төрөгөн энеси келбеген учурда гана багып жаткан үй-бүлөгө күбөлүк жазылып берилет, – деди агай.

## Бейби-бокс орнотуп, энени жоопко тартуу керек

Ташталган балдардын көбөйүшү балдар үйүнө кыйынчылык жаратып келет. Бишкектеги жалгыз балдар үйүнө Чүйдөн, Сокулуктан ымыркайлар келип түшөт. Айтылуу **Бишкек шаарынын адистештирилген балдар үйүнүн дарыгери Кудайбердиева Кымызай** айым баланы энеден ажыратпоо үчүн болгон күч-аракеттерин жумшаарын айтат:



– Бейбибокс демилгесин министр көтөрүп чыкканын колдоймун. Себеби биз буга чейин өзүбүз алдын-ала иштерин жүргүзгөнбүз. Алсак, биздин балдар үйүндө бала бакча ачылган. Эне келип "Баламды бага албайм" десе аны менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, "Баланды таштаба, бизде бул жердеги бала бакчага таштап кетип тур"деп айтабыз. Былтыр 2015-жылы декабрь айында энеси менен баласы бирге жаткыдай бөлүмүбүз ачылды. Ал жерде 5 керебетибиз бар. Төрөт үйүнөн баладан баш тартам деген энелерге социалдык кызматкерлерибиз барып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, бул жерге алып келишет. Анан аларды биз 6 ай карайбыз. Эгер жашай турган жер, же жумуш таппаса дагы 2 ай кармайбыз.






Орусиянын Пермь шаарындагы бэйби-бокс

Анан ал кыздын ата-энесин таап, аларга айтып, баланы таштатпаганга аракет кылабыз. Бейбибокс боюнча маселени биз балдар үйүнүн коллективи колдойбуз. Себеби таштайм дегендер балдарын көчөгө, даараткана таштап жаман окуялар болуп жатат. Бизге дагы таштаганда бала эшикте суукка көпкө жатып калып, үшүп, өпкөсү сезгенип калган учурлар болгон. 2005-жылга чейин жаштар таштап кетишчү. Азыр болсо таштагандардын жашы 25-35ке чейинкилер болуп жатат. Биринчисин эмес, 3-4-баласын ташташат. Бизде мыйзам чийки. Баласын таштаган энени жоопкерчиликке тартпай, аны кайра коё берип коюшат, – дейт ал.

## Бейби-бокс Кыргызстанга жарашпайт

Кыргызстанда бейби-боксту алгач төрөт үйлөрүндө жайгаштыруу пландалууда. Бирок кутучаны орнотуу шарты боюнча төрөтканалардан сырткары диний жайлар дагы каралган. **Бишкек жана Кыргызстан эпархиясынын катчысы Игор Дронов** бейби-бокс орнотуу Кыргызстанга жарашпай тургандыгын айтат:



– Бейби-бокс орнотуу идеясы бул өзү эле күмөн санаткан нерсе. Бул идея батышта жаралган. Ал жерде элдер дээрлик адамгерчиликтен айрылгандыктан, өз балдарын таштап башташкан. Ошол ташталган балдар каза болбошу үчүн бейби-бокстор ойлонуп табылган. Ушул эле сыяктуу нерсени Орусияда дагы жайылтууга аракет кылып көрүшкөн. Бейбибоксту орнотуунун өзү адамдык сапаттан айрылтууга мүмкүнчүлүк түзгөн дагы бир кадам болот. Ошол себептен бул идеяны колдобойбуз. Ал эми Орусияда бул өтө актуалдуу нерсе эмес болсо, Орусияга салыштырмалуу моралдык жактан жогору турган Кыргызстанга бул такыр жарашпайт. Себеби кыргыз үй-бүлөсүндө ата-энеге, балага болгон мамиле жакшы. Ата-энеси өлгөн учурда дагы кыргыздар туугандарынын балдарын багып алышат. Ал эми бейби-бокс ушул түшүнүктү жоюп, терс сапаттарды күчөтөт.

## Бейби-бокстан мурун бала таштап кетүү маселесин билүү керек

**Мусулмандар диний башкармалыгынын фатва бөлүмүнүн адиси Токтогазы уулу Бактияр** мырза мусулман коому үчүн бейби-бокс орнотуу уят нерсе экенин айтат:



– Бейбибокс кырдаалын жакшылап караш керек. Буларды орнотордон мурун бала таштап кетүү маселеси кайдан чыгып жатат, ошону билүү зарыл. Ташталган балдар никесиз жашоодон улам келип чыгууда. Демек ошондой нерсеге жол берип коюп, кайра куту орнотуу туура эмес. Көпчүлүк калкын мусулмандар түзгөн коом катары мындай нерселер биз үчүн уят. Биз, тескерисинче, коомчулугубузду тарбиялашыбыз керек.

Чынында, ташталган баланы багып алуу маселесинде дагы динде көп нерселер каралган. Ата-энеси баш тартып кеткен, же тоголок жетим калган бала багып алынган күндө дагы, ал биротоло өзүнүкү болуп калабы деген суроолор туулат. Мисалы үчүн бага турган эне ымыркайды алып, эмизип багып алса, өзүнүкүндөй болуп калат делет. Ал эми эмчек эмчү убактан өтүп кетип, бага турган энесин эмбей калса, бул бала чоочун бала бойдон кала берет. Ошондуктан шарият багып алганга жакшы карай бербейт. Эгер жетим болсо асырап, кайрымдуулук иш катары багам десе, бул башка нерсе, – деди ал.

Анткени менен бейби-бокс боюнча учурда сунуш гана киргизилди. Батыш өлкөлөрүнүн практикасында кеңири тараган бул кутуча ишке киришсе, кандай жыйынтык берерин убакыт өзү көрсөтөөр.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Бүгүнкү мугалимдин бейнеси жана макамы

Япондор: "Мугалимден үч кадам алыс жүр" дешет экен, "А эмнеге" деп сураса «Мугалимдин көлөкөсүн тебелеп аласың» дептир. Дал ушул кеп азыркы заманга туура келеби? Дегеле мугалимдердин кадыр-баркы төмөндөп кетти деген сөздөр чынбы? Эгер андай болсо, канткенде мугалимдердин баркын көтөрө алабыз? Баары келип эле, баягы кендирди кескен айлык акыга такалабы же болбосо башка да себептери барбы? Ээси көрмөксөн болсо, малы көтөрүм болот дешкен экен көрөгөч кыргыз. Дегеним, мындай олуттуу маселеге кайдыгер карасак, өлкөнүн келечеги кандай болот? Бул суроолор менен бир катар мекендештерибизге кайрылып көрдүк




## "Мугалимдин ишмердүүлүгүн тынымсыз пропагандалап турсак..."

– Негизи мугалимдердин балдары өзгөчө болот. Мен өзүм да мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөм да (күлүп). Ата-энем экөө тең мугалим болуп, менин жашоомо кошкон салымдары ат көтөргүс. Ойлоп көрсөңөр ата-энем, дегеле мугалимдер мен сыяктуу канчалаган улан-кызды тарбиялап чыгарды. Азыркы рынок шартында баалуулуктардын өзгөрүп кеткендигине байланыштуу, мугалимдерге болгон сый-урмат илгеркидей болбой калгандай. Аны кайтарып алуунун бирден бир жолу – алардын ишмердүүлүгүн тынымсыз пропагандалап, эмгектерин болушунча эске алып, баалап турсак, мугалимдерге укмуштуудай дем-күч болбойбу. Жок эле дегенде жакшы сөзүбүздү аябаганыбыз оң, – дейт **Кыргызстан Аялдар Конгрессинин президенти Замира Акбагышева.**



## "Коомдун интеллектуалдык деңгээли түшүп кетти"

Ал эми **экономист, социолог, философия илимдеринин доктору, профессор Кусейин Исаев** бул тууралуу төмөнкүдөй пикирин айтты:



– Биз мектепте, жогорку окуу жайда окуп жүргөндө мугалимдер Кудайдын өкүлү сыяктуу эле болчу. Эл сыйлачу, окуучунун билими терең, кесипкөй болор эле. Мына мен 1965-жылдан бери мугалиммин. Университетти бүтөрүм менен мугалим болгом. Азыр коомдун интеллектуалдык-акылмандык деңгээли түшүп кетти. Эптеп-септеп мүлк жыюу, чет өлкөгө сатуу, жогорку жакта отургандардын баары ушундайлардан башталып атпайбы. 1990-жылдардан баштап бузула баштаганбыз. Эми анын жетер жерине жеттик окшойт. Ошондуктан баарынан мурун интеллектуалдык деңгээлибизди жогорулатышыбыз керек. Азыр мугалимдердин деңгээли өтө төмөн түшүп кетти. Себеби – паракорчулук. Балдарга накта билим бербей, жалган, жасалма бааларды коё берип, мугалимдердин аброю түштү. Биз чыны менен коомубузду оңдогубуз келсе, мугалимдерди ыйык көрүп, ошолордун илимин, билимин, кесиптик деңгээлин жогорулатып, анын негизинде жаш муундарды тарбиялашыбыз керек.

Ошого эле улай, **Нарын районунун англис тили мугалими Эркингүл Жээнбекова** эжебиз мугалимдердин кадыр-баркы көтөрүлүш үчүн, аларга жакшы шарт түзүп берүү да зарыл экенин билдирди.

– Биринчиден, мугалимдерди ротациялаш керек. Агай-эжелердин арасында даражасы бийик сынактарды уюштуруш керек. Мисалы, чет өлкөгө тажрыйба алмашууга жолдомо берип дегендей. Экинчиден, мугалимдерге жакшы шарт түзүлүшү абзел. Боо сөздөн чымчым иш артык эмеспи, анын сыңары "Аны кылыш керек, муну кылыш керек" деп оозубуздун желин бекерге корото бербей, иш жүзүндө жасасак жакшы болот беле? Азыр ит тумшугуна суу жеткенде сүзөт болуп атабыз, – дейт ал.


## "Атаандаштык болмоюн жылыш болбойт"

Ошол эле маалда коррупцияга барган мугалимдерди таптакыр эле мугалимдик укуктан ажыратып салган туура болмок деген пикирди айткандар да бар. Аларды жыл сайын ЖРТ сыяктуу сынактан өткөрүп, деңгээлин текшерип турушса дейт **КТМУнун психологиялык-педагогикалык кеңеш жана көмөк бөлүмүнүн 3-курсунун окуучусу Санжар Осмоналиев**. Анын:

– Мугалимдердин билим сапатын көтөрүш үчүн алардын арасында атаандаштык жарата турчу конкурс-таймаштар ат тезегин кургатпай уюштурулуп турса жакшы болмок. Себеби жыл сайын жаңы кадрлар тапталат, аларга да мотивация берет дегендей. Ал эми коррупцияланган мугалимдерди мугалимдик укуктан такыр ажыратып сала турган катуу жаза киргизсек да эффективдүү болот деп ойлойм, – деген пикири бүгүнкү күнү колдоого алынбаса да, убагы келгенде сөзсүз көтөрүлчү маселе сыяктуу.



Ушуга окшош эле пикирди **Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин педагогика кафедрасынын башчысы, профессор Акматали Алимбеков** да билдирди.



– Мугалимдердин, окуучулардын арасында, дегеле билим чөйрөсүндө дайыма атаандаштык болбосо алдыга жылуу болбойт. Ошондуктан, конкурстардын тынымсыз өткөрүлүп турушу жакшы жышаана. Айрыкча, демилгелүү "Мугалим" журналынын жамааты уюштурган таймаштар аларга коомдук жаңы бир дем берет, башкаларды суктандырат, алдыга жылышына өбөлгө түзүп, стимул болот эмеспи. Бул сымал иш-чаралар бардык чөйрөдө, анын ичинде педагогикалык иш чөйрөсүнө абадай эле керек, ансыз өнүгүү, алдыга жылуу кыйын.

Иш-чара демекчи, жакында Бишкекте алгачкы жолу "Мугалим-коомдун күзгүсү" аттуу мугалимдердин республикалык деңгээлдеги биринчи таймашы болуп өттү. Ага республиканын бардык аймагынан келген мугалимдер катышып, баалуу сыйлыктарга ээ болушту. Ошол саамалык тууралуу да айтпай кетпесек болбойт.

## Мугалимдердин республикалык деңгээлдеги биринчи таймашы

Борбор шаарыбызда жакында эле биринчи жолу өткөрүлгөн республикалык деңгээлдеги мугалимдердин "Мугалим-коомдун күзгүсү" аталышындагы таймашында баш байгеге Эл аралык "Себат" билим берүү мекемесинин мугалими 24 жаштагы Максат Жангазиев татыктуу болду. 1-орунду Нарын облусундагы Ак-Талаа районунун Муса Баетов айылынан келген Гүлбарчын Мамытова алса, экинчи жана үчүнчү орундарга Бишкек шаарынын мугалимдери татыды. Сынак 4 бөлүктөн: классикалык стилде кийинип эл алдында басуу, саламдашуу, өнөр жана интеллектуалдык суроолордон турду. Баш байгеге санариптик телевизор, 1-орунга муздаткыч, 2-орунга газ плитасы, 3-орунга кир жуугуч машина коюлду. Мындан сырткары, ар бир катышуучуга 3 миң сомдук сертификат, экиден диплом, дагы толгон-токой белектер ыйгарылды. Таймашты "Мугалим" илимий педагогикалык журналынын башкы редактору, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Рахат Сулайманова уюштурган.



**1-орунду Ак-Талаа районунун Муса Баетов айылынан келген Гүлбарчын Мамытова алды**

## Заманбап мугалимдин образы кандай болушу керек?

Уюштуруучулардын айтымында, бул иш-чара Кыргызстандын бардык мугалимдеринин арасында болуп, жети дубандан мен-мен деген мугалимдер келип күч сынашты. Конкурстун максаты таланттуу, чыгармачыл, келишимдүү, ажарлуу, өнөрлүү мугалимдердин ичинен төгөрөгү төп келген мугалимди тандап алуу менен, заманбап мугалимдин образын жаратууну көздөгөн. Мындай иш-чаралардын өткөрүлүшү мугалимдердин имиджин кайрадан түзүп, алардын эл арасындагы кадыр-баркын жогорулатууга өбөлгө болот дешет уюштуруучулар.

## Өкмөттү карап отура берүүнүн кажети жок!

Конкурска "Lion" соода маркасы, Кыргызстан профсоюздар уюмунун борбордук комитети, "Ч.Айтматов" атындагы Себат балдар лицейи, Балыкчы шаарынын мэриясы жана билим берүү башкармалыгы демөөрчүлүк кылышкан. Мугалимдердин кадыр-баркын көтөрүп, ишине шык берген мындай иш-чараларды өткөрүш үчүн "Өкмөт жасап берет" деп, оозду ачып отура бербей, ыктыярдуу демөөрчүлөрдү издештирип табуунун өзү эле кеп кылууга арзыйт.

ЖЫПАРА ДӨӨТКАЗЫ КЫЗЫ

# Сулуулуктун сыры сабизде



Сабиз бул сулуулуктун, жаштыктын жана узун өмүр сүрүүнүн сыры. Анын курамындагы А витаминдин көптүгү башка бир да жашылча-жемиште кездешпейт. Ал А гана эмес, С, В, Д, Е витаминдерин да өзүнө камтыйт. Жана дагы минералдар, микроэлементтер, эфир майлары, кыскасы организмге керектүү витаминдер жана пайдалуу заттардын бардыгы сабиздин курамында кездешет.

Сабиздин эң башкы пайдасы – күчтүү антиоксидант болуп эсептелген бета каротиндин көп болушу. Ичке ичегиде А витаминине айланып, денебизди тең салмактуу кылган бета каротин, бет, чач жана тырмактарга чейин коргоп, жүрөк ооруларын азайтат.

Диета катары саналган бул жашылча тамак сиңирүү системасын жакшы иштетип, ичтин катып калуусунун алдын алат. Аз калориялуу жана тоюмдуу келип, диета үчүн тез-татым катары колдонууга болот.

## Сабиздин пайдалуулугу

- Сабиздин ширеси жана эзилген сабиз канды тазалап, организмден керексиз заттарды бөлүп чыгарат. Ал гана эмес бардык ички органдарынын иштөө активдүүлүгүн жогорулатып, зат алмашуу процессин жакшыртат.
- Сабиз ички клеткалык кычкылдандыруу жана калыбына келтирүү процесстерин активдештирип, иммунитетти көтөрөт жана клеткалардын өсүү процессине аралашат.
- Бул жашылча жүрөк оорусуна каршы тура алат десек жаңылышпайбыз, анткени муну белгилүү профессорлор аныктап чыгышкан.
- Сабиз ширеси бөйрөк жана боордун иштөө функциясы начарлаганда жардам бере алат жана боордун тазарышына да кам көрөт.
- Сабиз дагы бир топ оорулардын душманы, ал тамак сиңирүү органдарына, кычкылтектин алмашуусуна жардам берип, геморройго эң биринчи душман.
- Элдик медицинада майдаланган сабизди же анын ширесин күйүккө каршы колдонушкан. Ал гана эмес ашказан жарасы жана башка ар кандай жараларга да пайдасы зор.
- Канды тазалоочу щелочтуу элементтерден турат.
- Денедеги кислота щелочунун салмактуулугун сактоого жардам берет.
- Калий көп болгондуктан басымды жогорулаткан соданы тең салмакта кармайт.
- Күчтүү антиоксиданттарга бай болгондуктан, бетке бырыш түшүүнү жайлатат.
- Ооздо жайгашкан бактерияларды тазалап, тишти зыяндардан коргойт.
- Норма боюнча сабиз жесе, ашказан жарасын айыгышына себепчи болот.

## Ар кандай ооруга даба

**Бета каротин:** Бета каротин – сабизге сары түстү берүүчү түс пигменти болуп саналат. Бул пигмент денеде А витаминге айланат. Ошол үчүн сабиз А витаминин жагынан эң жакшы булактын бири. Таасирдүү антиоксидант эсептелген бета каротин рактан жүрөк ооруларына чейин бир топ оорулардын пайда болушун жогорулаткан оксидатиф стрессине каршы денени коргойт.

**Рак оорусунан сактануу:** бета каротин жана башка антиоксиданттарга бай сабиз рак оорусунун алдын алууга жардам берет. Кээ бир иликтөөлөргө караганда, бета каротинди көп колдонуу простат рагын, өпкө рагын жана ичеги рактарынын коркунучун азайтары белгилүү болду.

**Лейкоз:** 2011-жылы изилденген иликтөөлөргө караганда сабиздин суусунда биоактив химикаттар, миелоиддер жана лимфоид лейкоздо рак оорусуна жол ачкан клетка өсүүсүнө бөгөт коюуда. Сан-Диего Медицина Борбору тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө болсо, сабиз табарсык рагынын алдын алууда сунуш кылынган жемиштердин катарына кирет.

**Жүрөк оорусу:** Голландияда 10 жылдан бери изилденип келаткан изилдөөлөр боюнча, сары-кызыл, сары түстөгү жемиштер жүрөк, кан тамыр ооруларына аябай чоң жардамын тийгизет. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында кызыл-сары, коюу сары өңдөгү жемиштерди ар дайым жеп жүргөндөрдө жүрөк жана кан-тамыр оорусу жебегендерге караганда 32%га аз экендиги белгилүү болду.

**Көз оорусуна:** Бардыгыбыз билгендей эле, көздүн жакшы көрүүсүнө чоң таасирин тийгизет. Бирок бул тууралуу атайын изилдөөлөр өтө эле аз. Бул темада Калифорния университети тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөргө караганда, аптада 2 же андан көп сабиз жеген аялдарда эч сабиз жебеген аялдарга караганда глаукома оорусу өтө эле аз кездешет.

Глаукома көздүн басымы катары эсептелип, көздүн көрүүсүн бара-бара начарлатат. Айрыкча, сабизден алынган бета каротин А витаминине айланганда, көздүн жарыгын түзүү функциясын аткаруу менен көздүн нымдуулугун сактап, кургап кетүүсүнө тоскоол болот.

**Тамак сиңирүү системасы:** орточо көлөмдөгү бир сабиз күн тартиби боюнча тамактануунун 7%на барабар. Бир гана тамак сиңирүү үчүн колдонулбастан, ошол эле учурда глюкозанын деңгээлин коргоодо да маанилүү. Эгер ашыкча салмактан арылуу үчүн диета кармап жаткан болсоңуз, анда фастфуд катары сабиз жеп, ашыкча салмактан арылса болот.

**Калий:** Сабизде калийдин өлчөмү аябай көп. Калий, мээнин нормалдуу иштешин камсыздап, жүрөк оорусунан сактап, глюкозанын төмөндөшүнөн коргой турган маанилүү минерал болуп эсептелет. Калий, бир учурда кортизон жана адреналин сыяктуу гормондорду тең салмактуулукта кармап, стресс, депрессиядан арылтат.

**Күндөн сактануу:** Сабиздин антиоксидантынын таасири бетти ар кандай зыяндардан коргоп, жылмакай кылуу менен картаюунун алдын алат. Айрыкча, тартип менен сабиз жеш күндүн зыяндуу нурларынан бетти коргойт. Өзгөчө жай мезгилинде көп-көп сабиз жеш сунушталат.

## Кээ бир изилдөөлөр боюнча

Европа окумуштуулары эгер адам күнүгө 1-3 баш сабиз жеп турса, рак оорусуна кабылуудан сактанууга мүмкүнчүлүк бар деп айтышкан. Көрсө, сабиздин курамында рак оорусун пайда кылуучу шишикке каршы күрөшүүчү фалькаринол деген элемент бар экен. Сабиздин дагы бир пайдасы – ал стресске баткан адамдын нервин тынчтандырууга көмөгү чоң. Сабизди чийки жеген адамдын териси да тазарып турат. Аны сууга кайнатып, эзип жесе жүрөк оорусунун басаңдашына пайдалуу. Бала эмизген аялдардын сүтүн азыктуу, майлуу жана витаминдүү кылат. Карылыктын алдын-алып, беттеги бырыштарды азайтат. Кичинекей балада көп кездешчү аллергия ооруларына да пайдалуу. Андыктан, ден-соолуктун алдын алам десеңиз күн сайын сабиз чайнаңыз.

## Ашыкча сабиз колдонуу зыянбы?

Аптасына 4-5 даана сабиз жесе эч кандай зыяны жок. Ал эми андан ашып кетсе, ич катуу, ич көбүү жана тамак сиңирүү көйгөйлөрү жаралышы мүмкүн. Сабиз сыяктуу бета каротиндүү жемиштерди ашыкча жеш кальций, жез, темир, цинк сыяктуу минералдардын сиңүүсүнө терс таасирин тийгизет. Бул абал узакка созулса, аталган минералдардын жетишсиздигине байланыштуу проблемалар жаралуу коркунучу бар. Бөйрөк оорусу барларга сабиз көп деле сунушталбайт. Ашыкча калий бөйрөк жана башка органдарга да зыянын тийгизиши мүмкүн.

Даярдаган:
АЙНАГҮЛ КУДАЙБЕРДИЕВА

# “People” журналы 2016-жылдын эң сулуусун атады

«People» (адамдар) журналы быйылкы «2016-жылдын эң сулуу аялзаты» деп америкалык актриса Женифер Энистонду тандады. Журналда айтылгана боюнча бул актриса адамдарды сергек жашоого үндөп, көп машыгат жана тез-татым тамактарын жебей, тамактануусуна кылдат карайт.

Женифер 1969-жылы 11-февраль күнү Калифорнияда туулган. 11 жашынан баштап актер, курьер жана телефон сатуу менен алектенген. 1990-жылы ал биринчи жолу кино тасмага тартыла баштаган.

Атагын алыска таанытан NBC телеканалынын «Достор» сериалына 1994-жылы тартыла баштаган. Ал кино сахнасына чыгары менен Рэйчел Гриндин ролуна куп келерин баары сезишкен. Энистон 2004-жылы аяктаган сериалдын акыркы сезонунда ар бир сериясына миллион доллар маяна алган. Тогуз жылга созулган сериал жөнүндө Женифер: «Ал мага эң чоң байлык – тандоо эркиндигин берди. Мен гонорарына көңүл бурбай, өзүмө жаккан фильмдерге тартылууга мүмкүндүк алдым», – деген. Чын эле киносынчыларга анча жага бербеген тасмаларга тартылса да, сулуунун жандуу аткаруусунан улам Женифер катышкан долбоорлор 100 миллиондогон киреше алып келген. Мындан сырткары, 2003-жылы Рэйчел Гриндин ролу үчүн Энистон Голливуддук журналисттер ыйгарган атактуу «Алтын глобус» премиясын алган. Ошондой эле теледолбоорлор боюнча «Оскар» премиясынын эгизи болгон «Гремминин» «Комедия сериалындагы аялзатынын эң сонун ролу» боюнча премияга татыктуу болгон. Женифердин чач жасалгасын дүйнөдөгү кыздардын баары туурай баштаган. 2013-жылдын 24-февралында «Атактуулар аллеясына» анын жылдызы орнотулган.

### Женифер Энистондун цитаталары:

Ата-энем Голливуддагы бардык нерсенин эң сонуну мен экенимди ынандырышты.

Азыраак ойлонуп, көбүрөөк жашаш керек.

Бала жана өспүрүм курагымда атактуу эмес, бактылуу болууну эңсечүмүн.

Темирдей бекем план түзбөгүлө, турмуш шарттары өзгөрөрүн эстен чыгарбагыла.

Өзүңөргө гана сүйөнүүгө аракет кылгыла, бирок жардам берем дегенди какпагыла.

Мен мектепте баарын күлдүрө берчүмүн. Мунун айынан далай жолу сабактан кууп чыгышкан. Бирок Нью-Йорктогу Чеберчилик мектебине барганымда бул адатым үчүн кээде жакшы бааларды коюшчу.



# Дүрбөлөң уулу Эдил: Жылкы менин жан жолдошум, сырдашым...



Адатта саяпкер дегенде көз алдыбызга токтолуп калган, орто жаштагы адамдын элеси тартылат. Бирок биздин бүгүнкү каарман болгону 25 жашта. Анткени менен ал Кыргызстандагы бир канча саяпкердин арасынан суурулуп чыгып, алдыңкылардын катарын толуктап, "Аргымак" федерациясынын тандоосу боюнча 2012-2013-жылдын мыкты саяпкери болуп табылды. Былтыр ал таптаган Карат аттуу күлүк Кыргызстандагы биринчи жолу өткөн "Тайтору" кубогун уткан

## Жылкы баласына сүйүүм бала кезимден ойгонгон

Жылкы баласын сүйүү менде бала кезимден ойгонуп, кичинемен атка жакын өскөм. Апам мугалим болгондуктан канчалык билим алууга үндөбөсүн мен үчүн окуудан да ат биринчи орунда болду. Мендеги жылкыга болгон сүйүүнү байкаган атам мага атайы бир тай сатып берген. Алгач ошол тайымды таптап жүрдүм. Ал тайды улакка да минип, байгелерге да коштум. Ошентип ушул өнөрдүн аркасынан кетүүнү көздөдүм. Ата-энем да менин чечимимди колдоп, каршы болушкан жок. Ошону менен шаарга келип ат майданында саяпкерге жардамчы болуп иштедим. Негизинен саяпкерлик өнөрдү үйрөнүү үчүн бир топ мыкты саяпкерлердин артынан жүрүп, таалим алып, атты кантип тапка келтирсе болорун өздөштүрдүм десем болот. Бул саяпкерчилик мага ата тегимен мурас катары калса керек деп ойлойм. Себеби чоң атам Эшеналы кезегинде Таластагы белгилүү саяпкерлерден болгондугун ата-энемдин, айылдаштарымдын оозунан угуп калам. Ат менен жүргөнүмө 8-9 жыл болуп калды. Учурда 25 жаштамын. Бул мезгил аралыгында көп нерселерди өздөштүрдүм, тажрыйба топтодум. Билбестик кылып ат таптоодо катачылык кетирип алган да күндөр болду. Мындай каталардан сабак алып, кийин андайга жол бербөөгө тырыштым. Ушул убакыт ичинде таптаган күлүктөрүбүз жакшы чыгып, бир нече жолу марага биринчи болуп келип, көп байге утуп берди. Бир топ кубанычтуу көз ирмемдерди баштан өткөрдүк. Албетте, алган байгелер жеткен жеңиштерге ыраазы болуп, баарын билем дегенчелик кылбай, саяпкерликтин сырларын дагы да тереңдетип өздөштүрүп, улуу тажрыйбалуу саяпкерлерден билбеген нерселеримди дагы да үйрөнүшүм керек деп эсептейм.

## Күлүктөр бөтөнчө камкордук менен каралат

Ат таптоо туула элек кезинен башталат десек болот. Анткени мыкты күлүктү таптоо үчүн анын ата-энесинин тегине терең көңүл буруу зарыл. Ошол үчүн биз ат таптоону мыкты бээлерге жакшы айгырларды кошуу менен баштайбыз. Убагында жакшы чуркап, жакшы жетишкендиктерди көргөзгөн күлүктөрдөн тукум алынат. Бээ менен айгырды тандоодо алардын каны, дене түзүлүшү, буттарынын бекемдиги эске алынат. Ошондой эле кулундун курсактагы кезинде багуусу жакшы болуш керек. Күлүктөр назик болгонго туулгандан тарта бөтөнчө камкордук менен каралат. 1 жашка келгенден тарта үйрөтүп баштайбыз. Таптоону баштаарда күлүктүн чучугу толук болуш керек. Атты семиртип алып анан таптамай башталат. Адегенде 10–15 күн бастырып андан кийин иштетип, желдирип баштайбыз. Ат формага келе баштаган кезде үстүнө жабуу жаап, терин алуу менен байгеге дайындык башталат. Атты таптоодо эң негизгиси жылкынын бутун кетирбеш керек. Бекеринен аттын баары аягынан кетет деп айтылбайт да.

## Ат келбетине келгенде өзү жумуш сурай баштайт

Саяпкер катары менин жекече таптоо ыкмам, аттарды такай өзүм минип бастырам. Муну менен аттын күчүн, канча жерге барарын билем. Ат кыйналып баратканда болду жетет деп токтотуп коём. Негизинен ат келбетине келгенде өзү жумуш сурай баштайт. Ошондо улам-улам күчөтүп иштебиз. Көбүнчө аттарды тоого иштетем. Себеби азыркы тапта ат чабыштарда ылдамдык мурдагыдан да катуу болуп жатат, аралык дагы көбөйдү. Күлүктөрүбүз ошонун баарына туруштук бергидей болсун деп тоого иштетип жатам. Себеби тоого иштетүүдө аттын буттарына, булчуңдарына аябай күч кирет.

## Саяпкерлер арасында атаандашуу бар

Ат чабышта башка саяпкерлер менен сөзсүз атаандаштык болот. Бул эми спорт эмеспи. Бул жерде да күчтүүсү, күлүгү, даяры утуш керек. Баары эле утсак, байге алсак деп келет. Бирок мен жеңилсем ич күйдүлүк кылбайм, сөзсүз жеңген кесиптешимди куттуктап кийинки чабыштарда андан жакшы даярдык менен келүүгө аракет кылам.

## Камчы атка дем берет

Атты камчылоо керек. Бирок эч убакта жылкыны камчы менен башка чаппайт. Анда күлүк өзүн жоготуп коёт. Зарыл болгондо, ат чарчаганда, атаандаштык күчөгөндө атты камчы менен сооруга чабабыз. Камчы атка дем берет деп бекеринен айтылбайт да.

## Ийгиликке жеткен күлүктөрдүн ысымдары өзгөчө

Атка ысым жөндөн-жөн ыйгарылбайт. Негизинен жылкынын өңүнө, кылык-жоруктарына, бир нерсеге окшоштугуна карап ысым тандашат. Көбүнчө күлүккө анын атасы менен энесинин баш тамгаларынан да алып ат коюлат. Биздеги күлүктөрдүн көбүнүн аты кыргызча. Ибарат, Ак тилек, Таңсулуу деген аттарды койгонбуз. Негизи жылкыга ат коюуда адамга ат койгондой жакшылап тандап койгон жакшы. Байкап турсак, жакшы жетишкендиктерди көрсөткөн, көп ийгиликтерге жеткен күлүктөрдүн ысымдары да бир өзгөчө. Мисалы биздин Карат деген аргымагыбыз атына заты жарашып, баалуу таштай эле чоң байгелүү оруңдарга жеткен жакшы күлүк болуп берсе, Ак тилек аттуу күлүгүбүз 7 автоунаа уткан.

## Саяпкерлик сүйгөн жумушум, хоббим жана киреше булагым

Саяпкерлик негизи өнөр. Бирок, мен үчүн кесип болуп калды. Себеби кенедейимен жылкы менен кеттим. Саяпкерлик менин сүйүктүү кесибим, өнөрүм, бир караганда хобби, кумар десем дагы болот. Анткени бул иштен мен эргүү алам. Ат таптоодон башка жумуш кылбагандан кийин бул менин киреше булагым дагы болуп калган.

## Жылкы мен үчүн эң кымбат нерсе

Бүтүндөй өмүрүм жылкы менен өтүп келатканга, өзүмдү атсыз элестете албайм. "Ат сыйлаган жөө калбайт" дегендей бул ишимдин аркасында бүтүндөй Кыргызстанды, Казакстанды көрдүм. Көптөгөн жакшы адамдар менен жолугуп, жоро-жолдошторду таптым. Мага жылкынын мүнөзү да жагат. Ар биринин өзүнчө кыял-жоруктары, артыкчылыктары бар. Бири акылдуу, бир куу, бири жоош, бири азоо. Ар бирин таптоодон өзүнчө ырахат аласың. "Ат адамдын канаты" деп бекер айтылбайт да. Жылкы менин жан жолдошум, сырдашым...

РАХАТ АКМАТОВА

# Саясат шоубу же милдетпи?

Дүйнөдө тилинен чаң чыккандардын эмес, натыйжалуу иштегендердин куну артууда. Муундар арасын бириктирүүчү сыпат да ишмердүүлүк болгону калгандай. Бирок өзүн ак сөөк санаган ак үй, көк үйдөгүлөр башы бышпаган балдардын дөң талаш оюну менен алек




## Кандан да сабак албаган куу кекиртектер

Кыргызстандын маалымат майданында биринчи мылжыңыбыз менен экинчи канкорубуздун жаназасы окулган саясий өлүктөрүн кайра тирилтебиз деген аракеттер бар. Бул аракеттер саткын журналистиканын капчыгын эле кампайтпаса, учурдун дартына даба болуп бербейт. Дүйнө саясатына көз чаптырсаң ушундай эле көрүнүш. Бирөөсү биз баскан чекке эми жакындап келатса, башкасы бизден озуп, алдыдагы сапарыбыздын варианттарын сунууда. Кээ бир мамлекеттер кан төгүлгөн ыңкылаптан кийин жамбыга жеткендер элди бириктирип, борбордук бийликти бекемдеп, кеңири өкүлчүлүккө таянган демократиялык башкарууну түзүүгө жарап жатат. Ошол эле учурда ушундай ачуу жеңишке жеткен мамлекеттердин көбүндө өлкө байлыгы арам тамактардын бир тобунан экинчисине ооп, көп өтпөй мурунку башкаруудан бешбетер кейипти кийип калганы да бар.

Серепчилер арам кекиртектердин көр оюнун: «Ак сөөксүнгөндөрдүн жоопкерчилик деңгээли өлкөнүн тарыхий абалына төп келбей турат. Алардын акылы көйгөйлөрдүн олуттуулугун баамдай албайт», – деген баа берип келишет. Чын эле Темир Сариевди өкмөт башчылыктан кетирүүдө, андан соң Жогорку Кеңештин спикерин шайлоодо өкмөт мүчөлөрүнүн жана эл өкүлдөрүнүн арасында олуттуусунан да маскарапоздонгон жүздөр арбыныраак болду. Ошондон улам 2010-жылдагы курмандыкка чалынган жаштардын каны көп аткаминерлер үчүн унутта калганбы деп ойлойсуң. Ой-пикири ашказанынан жогору көтөрүлбөгөн саясатчыдан Кудай Өзү сактасын!

## Бразилия парламентиндеги карнавал

Канча жолу башынан ыңкылап өтсө да, авторитардык башкаруудан чыга албай келаткан өлкөлөрдө бир кызык феномен пайда болгон. Ал өлкөлөрдүн эли жемкордукка кокосуна чейин баткан атка минерлерин аргасыздан эки түргө бөлө баштаткан. Алды-артын карабай чала чайнап бүкүлү сугунган арам кекиртектерди «уурулар» дешсе, элдин акчасы менен калыптанган казынанын каражатын бир аз мамлекетке жумшап койгондорду «уурдаса да бир нерсе кылып атпайбы» деп актоо жолуна өткөн. Мындай өлкөлөрдө куу кекиртектик коомдун бардык катмарына сиңип, элдик салтка айланып калган. Бул атмосферада «таза саясатчы» деген түшүнүк жомоктордо да жашабайт.

Жемкорлукка «түшүнүү» менен караган мамлекеттердин бири – Бразилия. Өткөн жумада анын парламентинин мыйзам чыгаруу палатасынын депутаттары президенти Дилма Русефке импичмент жарыялады. Ири мунай-газ Petrobras компаниясынан желген акчалар анча-мынчаны пара деп эсептебеген бразилдердин чачын тик тургузду. Учурда тергөө менен далилденгени эле төрт миллиард АКШ долларына жеткен. Укукчу жана экономисттердин баамдоосу боюнча бул сумма жакында 20 млрд. долларды чапчыйт. Бул каражыттын баары Petrobrastын курамында иштеген Дилманын партиялаштарынын сол чөнтөгүнө солонгон.

Ар жерде президентти кетирүү ар түрдүү болот экен. Элдин жана анын каймагынын деңгээлине жараша болот тура. Бизде мисалы филармониянын артисттери менен ЖК жана өкмөт мүчөлөрү орун алмашса, суммасы ошондой эле калчудай көрүнөт. А Бразилиячы? Бразилияда – карнавааал! Майрамда да карнавал. Жөн күнү да карнавал. Көчөдө да карнавал, парламентинде да карнавал. Парламенттеги талаш-тартыш беш саатка созулган. Аларды Рио де Жанейронун негизги көчөлөрү менен пляждарындагы элдин баары көрүп турду. Президенти Дилма Русефти соттоп жаткан прокурор Сержиу Моронун маскасы менен чоймочо тагылган клоун мурундары катуу сатылды. Көчөдөгү кырдаал футбол боюнча дүйнөлүк чемпионатты элестетти. Парламенттин бул жыйынын обу жок сөздөр, кыйкырык, бийлеп жиберүү, бири-бирине түкүрүү, Дилмага карай «Чао-чао сүйгөнүм» деген ырлар, жаңы жылдык конфеттерди чачуу менен коштолду. Кызыгы жанагы Petrobras компаниясына тиешелүү кылмыш иши боюнча Бразилиянын мыйзам чыгаруу палатасынын 60%ы соттолуп жатат. Себеби бул парламенттин көпчүлүгүн Дилма Русеф жетектеген Жумушчулар партиясынын өкүлдөрү түзөт. Ушулар эле акыры 367 «макул» жана 137 «каршы» добуш менен Дилмажанды тергөөгө салып беришти. Чао-чао сүйгөнүм!

## Эл менен бийлик көмөч талашканда

2003-жылдан бери бийликтин эки тизгин бир чылбырын бербей келе жаткан Жумушчу партиясы ал кездеги лидери Лула «Кедей уурдаса капаска кетет, бай уурдаса министр болот» деген какшык менен элдин көңүлүн алган. Андан бери Лула катуу байыды. Акыры анын алкымы Petrobrasтын миллиарддарын сиңиргенге жарап калды. Айласы куруган Дилма Русеф аны премьер-министрлик макамга чакырып атат. Кедей кезинде түрмөгө кирбесе да байыганда министрлердин министри болгону турат. Демек карапайым элдин «Булар тойду. Ушуларды эле кайра шайлайлы.




Кийинкилери тойгуча куруйбуз» деген божомолу суу кечпейт. Күндө май-чучукту аймап көнгөн немелер кургак нанга кантип каниет кылмак эле?

«Кургак нан» дегенибиздин сыры да бир жомок. Үмүтүн мунай, газ же Бразилиядагыдай соя жана башка чийки затка негиздеп, экономикасын жаңылап албаган өлкөлөр бул заттарга баа төмөндөгөндө оор абалда калышты. Чийки заттар баа болуп тураган кезде аларды сатып, элди да тойгузуп, өзү да тоюп оюн салган кез башка. Ал заттардын баасы түшкөндө улуу табак кимге тартылат? Албетте өзүнө. Элдин жонунан болсо салыктын жети кайышы тилине баштайт. Азыр Бразилия, Орусия, Сауд Аравиясы жана Казакстанга окшогон мамлекеттердин бийлиги 20 жылдан бери кенен жашап калган калкы жана алкымы чоңоюп кеткен ак сөөксүнгөндөрүнүн ортосунда чайналып калды. «Өйдө тартсаң өгүз өлөт, ылдый тартсаң араба сынат» деген ушул тура.

## Кеңеш менен жеткен бийлик

«Эми ынды каралар менен эле салыштырбаганыңар калды эле» дешиңиздер мүмкүн. Бирок Ботсвана деген Түштүк Африкада жайгашкан бул мамлекеттин Ички дүң продукциясын киши башына бөлгөндө 14 906 АКШ $ын түзөт. Биздики болсо 2 409 $. Баразилияныкы 16 155 $.

1895-жылдын сентябрында Лондонго сегиз уруунун атынан Хама, Батоен жана Себеле аттуу үч бий келген. Алар өз жерлерин жана саясий түзүлүшүн сактап калуу үчүн ал кездеги англис өкмөтүнүн колониялар боюнча министри Жозеф Чемберленге кайрылышкан. Себеби коңшу Замбия менен Зимбабвени басып алган Сесила Родстун British South Africa Company деген жеке ишканасы алардын жерлерин басып ала баштаган. Ошондуктан африкалык үч бий эки желмогуздун тынчыраагын тандап, англис өкмөтүнүн кол алдына кирүүнү чечишкен. Жерди сактап калуу аракеттери албетте түшүнүктүү. Бирок бул бийлер биримдигин жана XIX кылымга чейин сакталып келген уруулук кеңеш системасын да сактап калуу аракетинде болушчу. Алардын «кготла» аттуу кеңешинде уруу башчысы менен жашы жеткен ар бир эркек бирдей укукка ээ болушкан. Ботсвана үчүн бардык маанилүү чечимдер кготлада кабыл алынган. Тегерегиндеги башка африкалык мамлекеттердин аянычтуу абалын көргөн үч бий ички жана сырткы чакырыктардын баарын ушул кеңешке салып ийгиликтүү чечип келген. Кеңештеги чечим аткарылчу, себеби ал жалпы элдин чечими болчу. Бул сегиз уруунун бийлери да кготла аркылуу шайланган, ошондуктан алсыз же ач көз адамдын эл башкарууга мүмкүнчүлүгү жок эле. Мына ушундай элитаны учур талабына жараша олуттуу чечим кабыл алган бийлик десе болот. Ошондуктан Ботсвана Африкада англис же башка колонисттер өз каалаганындай өкүм бере албаган бирден бир мамлекет болуп калыптанган. Учурда дүйнөнүн бай мамлекеттеринин катарына кирбесе да, Ботсвана экспорту импортунан бир миллиард доллардан ашкан туруктуу өлкө.

## Миң сүйлөгөндөн бир кылган жакшы

Маалымат алмашуу ылдамдап, кол сунсаң жердин аркы бетине тийчүдөй болуп турган биздин доордо жок нерсенди бар деп көрсөткөндөн көрө, бар нерсеңди суна билүү маанилүү. Экономист жана саясий кеңешчи Саймон Анхолттун айтымында, учурда мамлекеттер сүйлөгөнүнө эмес кылган ишине жараша бааланат. Өкмөттөр каражатын башка мамлекеттердин саясатчыларын, медиасын же эфирдик убакытын сатып алгандан көрө, туризмге жана экспорттук мүмкүндүгү бар өндүрүшкө жумшаганы жакшы. Айнхолт: «Конокту кызыктырууга, аны тосуп узатууга жумшалган каражат берекелүү болот. Анын акыбети кайтат. Азыр ар бир өлкөнүн саясатчысы глобалдык саясатка дал келиши керек. Мамлекеттер жеке тышкы саясатын таштандыга ыргытып, жалпы дүйнөлүк саясатка ыкташы зарыл», – дейт. Биздин саясатчылар ушуну түшүнөт болду бекен?..

ЖАНСАКТА САРБАШОВ




# «Бишкек» командасы «Сибирди» 31-14кө утту

Өткөн жумада Орусиянын Новосибирск шаарында өткөн кичине жаштагы балдар арасында үч күндүк таймашта «Бишкек» командасы жергиликтүү «Сибирь» тобун алты оюнда 31:14 упайга утуп чыкты.

«Бишкек» тобунун машыктыруучусу Ринат Мустафаев биринчи оюнда 1:7 утулуп калган командасы тууралуу төмөнкүчө баяндады: «Биринчи оюнга биз даяр болбой калдык. Балакайлар жол жүрүп чарчап калышкан. Андан кийин жакшы уктап, эс алып алдык. Кийинки беттешүүлөрдүн алдында балдар менен жакшылап сүйлөшүп, маанайларын беш кылдык эле, кийинки эки оюнду эгиздей окшош 9:1 упайга утуп чыгышты».

Ошентип эки беттешүүдө 5:3 жана 7:2 упай менен жеңген «Бишкек», акыркы оюнда «Сибирди» 4:1ге жыккан.

# Кыргызстандын өспүрүмдөрү Литвалыктарды 10:0гө талкалады

Орусиянын Сочи шаарында өтүп жаткан II Жаш мекендештердин эл аралык оюнунда эки беттешүү аягына чыкты. Оболу литвалык курдаштарын футболдон көз ачырбай 10:0гө сапырып, Орусиялык топ менен кызыл чеке тирешип, 3:3 тең упай болуп жатып калды. Биздин шумкарлар салгылашкан подгруппада Орусия менен Литвадан башка Белорусия да бар. Бул топтон суурулуп чыкса жарым финалга чыгабыз.



Бул спорттук таймаштарга 46 мамлекеттен 600 спортчу өспүрүм катышууда. Алар мини-футбол, волейбол, сууга сүзүү, шахмат, үстөл тенниси жана стрит-бол (көчө баскетболу) болуп алты спорт боюнча жарышат.

## Кыргыз күрөштүн жеңүүчүлөрү

Кожомкул атындагы спорт сарайда кыргыз күрөшү боюнча Кыргызстандын балбандары аныкталды.

Жеңүүчүлөрдүн тизмеси:

**55 кгга чейин:**
1. Тынчтыкбек уулу Бекзат, 1994, ШУСМ;

**60 кгга чейин:**
1. Сымбатбек Алымбеков, 1991, Москва СК;

**66 кгга чейин:**
1. Зыямидин Садыбеков, 1993, Москва СК;

**74 кгга чейин:**
1. Тариэл Үсөнов, 1990, Замандаш СК;

**84 кгга чейин:**
1. Бектуркан Кожомуратов, 1995, ШУСМ;


**96 кгга чейин:**
1. Нурбек Кожобеков, 1988, Москва СК;

**96 кгдан жогору:**
1. Бекболсун Кушубаков, 1985, Замандаш СК;




Улуттук спорт оюндары боюнча дирекциянын пресс-катчысы Нурпери Садырбекова билдиргендей, таймашка 270 балбан катышкан жана Көчмөндөрдүн эл аралык II оюнуна иргеп алуу ниетинде өткөрүлгөн.

# Бишкекте «Азиядагы айбаттуу чабыш» болот



15-майда Бишкегибиздин Кожомкул бабабыздын атындагы спорт сарайында MMA WEF-5 мушташы боюнча салгылашуу болмокчу. Аны «Кулатуу эр таймаш MMA» WEF (WORLD ERTAYMASH FEDERATION) жана «Ахмат» эл аралык чемпионат (WFCA WORLD FIGHTING CHAMPIONSHIP AKHMAT) уюштурууда.

«Азиядагы айбаттуу чабыш» аттуу беттеште Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикистан, Казакстан, Түркмөнстан, Чеченстан (Орусия), Иран, Азербайжан жана Украинанын мушкерлери катышат. Таймашта 14 жекеме-жеке болмокчу.

# Штангачы Изат Артыков – Азия чемпиону



Учурда Ташкент шаарында оор атлетика боюнча өтүп жаткан Азия чемпиондугунда кыргызстандык Изат Артыков биринчи орунду жулуп алды. 69 килдиктердин арасында күч сынашкан Изат булкуп көтөрүүдө (рывок) 150, түртүп көтөрүүдө (толчок) 188 килди багынткан. Анын жалпы 338 кили А тобунда биринчиликти алууга жол ачкан.

Бул чемпиондукта 58 кил боюнча аялдар арасында да таймаш болуп, 16 оюнчунун ичинен эки таймашта 238 килди серпип салган кытайлык Хсиң Чун Куо деген айым биринчиликти алды. Биздин эң алдынкы деген Азиза Адилбек кызыбыз өзүнөн үч эсе келген 145 килди багынтып 12-орунга конду. Өкүнүчтүүсү бул таймашта 2016-жылкы Олимпиадага жолдомолор адамга эмес, топторго берилмекчи.

## Эркек футболуна кирген айым

Дүйнө тарыхында биринчи болуп Гонконгдун «Истерн» командасын машыктырган Чан Йун-Тиң деген айымы кесипкөйлөр ойногон эң жогорку дивизиондун чемпионатын жеңип алган. Өткөн жумада анын тобу «Саут Чайна» командасын 2:1ге жеңип алган. 21 жылдык тарыхы бар «Истерн» биринчи жолу Гонконг чемпионатын утуп алды. Машыктыруучу айымдын жетекчилигинде январь айында аталган клуб баарынан озуп өтүп өлкө кубогун багынткан.



Буга чейин Чан Йун-Тиң Гонконгдун футзал боюнча кыздар командасында машыктыруучу болуп эмгектенген. Үй-бүлөсү анын кесибине каршы болгонуна карабай чоң ийгиликтерге жеткен Чан: «30 жашыма чейин башкы машыктыруучу болорума көзүм жетчү эмес. Тагдырым ушундай экен да. Мен күтпөгөн көп нерсе болуп кетти. Анын бири, мен эч качан кесипкөй футболчу болгон эмесмин. Мурун оюнчулар менен мамиле түзүүгө кедергисин тийгизбесе экен деп чочулачумун», – дейт. Машыктыруучу Гонконг менен эле чектелбей футболу күчтүү өнүккөн мамлекеттерде иштөөнү көздөйт.

# Цыганды Юдахин сыган деп эле бериптир

“Кыргыз алфавитине реформа керекпи?” деген темада КР Улуттук илимдер академиясынын (УИАнын) имаратында адис тилчилер, журналисттер, акын-жазуучулар, адабиятчылар ж.б.у.с. “билермандар” катышкан жыйын өттү. Гезитибизде белгилүү тилчи-илимпоз Сыртбай Мусаев агайыбыз бул маселенин тегерегинде өз оюу менен бөлүштү



*(уландысы)*

**– Ушу тапта жүрөгүңүздү өйүп жүргөн эң орчундуу коомдук маселе кайсы жана аны кантип чечүүнү сунуш кылат элеңиз?**

– Менин жүрөгүмдү өйүп жүргөн маселе арбын эле. Бирок түйшөлткөн эң негизги маселе Кыргыз Өлкөсүнүн келечеги, Кыргыз Элимдин эртеңи. Муну банальный деп эсептебе, тривиальный деп санаба. Эгерде Өлкөм мен каалагандай өнүксө, Кыргыз Элим бейпилдикте, бейкутчулукта, бакубатчылыкта жашап, күн кечиришет эле. Тилекке каршы, андай боло албай жатабыз. Өлкө башчылары топуктуу, элим ыймандуу, жаштарыбыз ар-намыстуу, улутман, улутчул, патриот болсо, баардык маселе чечилет. Бирок жетекчилердин топуктуу болушуна, патриот, улутман, агедил болушуна анча ишеним арта албай жүрөм, куйлары жаман, жетсе эле какап-чакаганына карабай жеп-жуткусу келет. Бул – жакшы эмес.

**– Кыргыз тили, адабияты жана дагы ушул сыяктуу илим жолунан башка сиз үчүн эң маанилүү орунда турган нерсе эмне?**

– Мен үчүн илимден да жогору, маанилүү, биринчи орунда турган нерсе – элдин амандыгы, тынчтыгы, өнүгүүсү, эл ичинде менин амандыгым, менин ден-соолугум. Эл аман болсо, тынч болсо гана илим, адабият, маданият болот. Мен аман болгондуктан, жанагы Сиз айткандар маанилүү орунда турат. Мен аман болгондугум үчүн мени курчаган дүйнө ушундай керемет, ушундай көрктүү, кооз, ырахаттуу. Аман болбосок, муну кантип сезет элек…

Маектешкен
НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Кара чүмбөт жамынган аял

Күн жарымдап калган кезде бир жигит базар айланып жүрдү. Аңгыча бешим болуп, сопунун азаны да угулду. Так ушул маалда анын көз карашы бети-башынан тартып бүтүндөй бой мүчөсү капкара кездемеге оролгон аялга кадалды да калды. Негедир бул ургаачы ага бир башкача көркөм, анан калса сулуу да, кылыктуу да көрүндү. Ал ушунтип турганда бейтааныш аял ага жалт бурулуп, телмире тиктеп турган көз карашын кармап алды. Жигитти бир саам карады да, жибек саткан соодагерлер тарапка бурулуп баратып башын билинер-билинбес ийкеп койду.

Ошону менен жигит башына нокто катылгандай ага багынып берди. Бейтааныш аялдын жалжылдаган көзү анын жүрөгүн заматта ээлеп алды. Сезими акылына баш бербей эмне максат менен жүргөнүн унутту. Ошол дендароо бойдон тигил аялдын артынан түштү. Аң-сезиминин “артка тарт” деген буйругуна баш ийбей, өзүн-өзү унутуп аялдын артынан ээрчип жүрүп отурду.

Бирок, басыгын канча ылдамдатса да, тигиге жете алган жок. Ошентип кубалашып отуруп экөө кан базардын далай жеринен да өтүп кетти. Бир маалда зайып артына акырын кылчайып карап койду. Артынан калбай келаткан жигит бул саам кара чүмбөттүн нары жагынан сулуунун ажайып күлкүсүн байкагансыды. Аял ага чын эле күлдүбү, ким билет, айтор, дагы бир жолу башын ийкеп “Мени ээрчий бер” дегендей ишарат кылып койду.

Бечара толкунданганынан эмне кыларын да билбей калды. “Бул ким? Балким бул менин издеп жүргөн анык бактымдыр? Деги менден эмне каалайт болду экен?” деген сансыз суроолор мээсин эзип кете берди. Кара кийимчен аялга канчалык жанашайын деп артынан чуркаганы менен аял ага жеткирбей, алдыга түшүп алып маал-маал гана “мени менен жүр” дегенсип баш ийкеп коё берди.

Ошентип күн кечкирип, уясына отурду. Эл үй-жайына тарап, базар дымып баратты. Бир гана баягы кубалашкан эки жан убакыт менен иши жоктой, ээрчишип жүрө берди. Экөөнүн ортосундагы аралык болгону жыйырма кадамдай эле болчу. Андан азайган да жок, арткан да жок. Тек гана сезимдер артып, сезимдер күч алып келет. Башта жигит жөн гана табышмактуулугуна арбалган болсо, эми убакыт өткөн сайын анын көкүрөгүндөгү сезимдер булкунуп ээжаа бербей баратты. Аял болсо баягы калыбынан анча деле өзгөрө элек. Акырын гана кылчайып каш кагып коюп жигитти ээрчитип барат. Ошентип отуруп экөө шаардын четине да чыгып кетишти. Бул ортодо иңир да кирди. Шыпылдай баскан эки жан бир заматта далай жерди артка калтырып көрүстөнгө жетип келишти. Балким эс-акылы ордунда болгондо ушундай коркунучтуу жерге кирип бараткanda эле эсине келип, артка кайтмак. Бирок анын жүрөгүндө алоолоп күйүп бараткан сүйүү сезими анын көзүн сокур, акылын туман кылып таштаган эле.



Аял да ушул маалды күткөндөй басыгын бир аз басаңдатып, жигитке кол сунса жетердей жакындап койду. Артта зарыгып келаткан немеге эми кыздын шоодураган кадамы угулуп, ого бетер арбалып, ого бетер акылынан айнып калды. Аңгыча алдыдагы саал аялдай калып, артына бир имерилди да, жигитке жалооруй карап, дагы бир ирет баш ийкеп туруп үстү түшүп кеткен мүрзөнүн ичине кирип кетти. Балким ушул жерден деле эсине келип, артка кайтса болмок. Бирок, анте алган жок. Антаңдай аттап-секирип ал да көрдүн ичине кирип кетти. Казанактын оозу ачык туруптур. Шып эле ошол жакты көздөй баш салып сойлоп кирип барды. Бирок, аялдын изи андан ары да кеткендей. Канча сойлогонун ким билсин, бир маалда эле караңгы көрдүн аркы жагында бүлбүл жанган чырак көрүндү. Коюнуна, кулакмурдуна толгон топуракты күбүп коюп, жигит илгерилей берди. Чыракка жете бергенде кенен бөлмөнүн эшигине кептелди. Бөлмөнүн ичинде сырткы дүйнөдөн айырмаланып өлүү тынчтык өкүм сүрүп турган экен. Кызык… Жанагы чырактар бөлмөнүн дубалында илинип турат. Ал эми тээ төрдөгү мамык төшөктө жанагы капкара кийинген аял жаздыкка жөлөнүп отурат.

- Эшикти бекитип, ачкычты мага бер, - деди кара кийимчен аял. Жигит анын айтканын кыңк этпей аткарды. Эшиктин кулпусун жанталаша бекитти да ачкычын аялга карматты. Аял эми шаңкылдай күлүп сүйлөй баштады.

- Мырза жигит, сен менин артыман түшкөндө намазымды окуюн деп эч ойлонгон жоксуң, чынбы? – деди. Жигит макул болгондой баш ийкеди. Кара чүмбөтчөн жанагыдан да шаңкылдай күлүп туруп ачкычты шып эткизе жанындагы түбү жок кудукту карай ыргытып жиберди. Мына ушул ирмемде гана ал эсине келип, тула бою дүркүрөй түштү. Өзү кайда турганын ал эми түшүнө баштагансыды. Бирок, баары кеч болуп калган. Убакыт өтүп, кулпулар кайра ачылгыс болуп бекиген болчу.

- Ии, жигит, эми мени тик багып карай турган учуруң келди окшойт, - деди алиги аял. Ошентти да бетин жапкан чүмбөтүн сыйрып ыргытты. Бирок, жанатан акылдан адашып аптыгып келаткан жигит өзү күткөндөй аруулукту, тазалыкты, сулуулукту көрө алган жок. Ал тескерисинче, атырайган түрү суук, арбактай кан-сөлү качкан коркунучтуу кемпирди көрдү.

- Мени жакшылап таанып ал, мырза! Менин атым – Дүнүйө. Мен сенин өмүр бою эңсеген сүйгөнүңмүн. Сен бүтүндөй өмүрүңдү мага арнап, мени эңсеп келдиң. Эми мени гана эркелетип түбөлүккө ушул жерде каласың. Өз кабырыңа куш келипсиң! – деп мүрзөнүн ичиндеги чаңды сапыра каткыра күлүп, жанагы мемиреген тынчтыкты бузуп жиберди. Анын каткырыгы менен көр ичиндеги шамдар акырындап өчүп, кара кемпир бүлбүлдөп өчүп бараткан шамдын жарыгында көрүнбөс түңгүюкка акырын сиңип жоголуп баратты.

Даярдаган
ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Унутулган салт

Ал күн эч качан эсимден кетпейт. Сыртта жамгыр нөшөрлөп куюп турган. Ооруканынын узун, ээн залы менен ак халатчан дарыгер мени көздөй басып келатты. Кудай, ай, ошондогу убакыттын чоюлганын кантейин. Дарыгер кадам шилтеген сайын ак халатынын этеги жайбаракат желп этип, өзү менен кошо делпилдеп келет. Ал дарыгердин да ошол күнкү элеси түбөлүк эсимде калды. Чыдамым кетип калган экен. Бутум ооруп турганына карабай тура жүгүрдүм. Жок, мен дагы каалгып калдым окшойт. Убакыт чиркин! Кыймылдын баарын ылдамдаткан да, жайлаткан да убакыт экенин чучугума чейин сездим ошо күнү. Кулагым дүңгүрөп баратты. Үнүм кардыгып, оозуман дабыш чыкпайт. Алыстан эле кыйкыра баштадым. Бирок кыйкырыгым өзүмдүн кулагыма да жеткен жок. Дарыгер көптө араң жакындады мага. Кабагын ылдый салып, ар бир тамгасын бирден айтып шыбырап турду. Ооба, мага ар бир тыбыш өзүнчө-өзүнчө келди. Акырын-акырын... «Б-и-з с-а-к-т-а-й а-л-б-а-й к-а-л-д-ы-к. К-а-й-р-а-т к-ы-л-ы-ң-ы-з». Мен түшүнгөн жокмун эмне дегенин. «Кабыл эмне болду? Ал жакшыбы?» деп сурай бердим. Ал мага башка эле бир нерсе тууралуу айтып жаткандай туюлду. Мен болсо «Кабылды айтыңызчы. Кабыл эмне болду?» деп эле чырылдай бердим...

Көрсө, ошол күн жашоомдогу каргашанын башталган күнү экен. Тынымсыз чамынып жүрүп эми бир нерсеге жетинип калдык дегенде балдарым атасыз, очогубуз ээсиз калды. Опол тоом урап, заманам куурулуп турган ал күндөрдү негедир сырттан карап турган көрүүчүдөй өткөрүп жаттым. Ал тургай кээде балдарыма да таң кала карайм. Алардын атакелеп ыйлаганы, кызымдын эсин жоготуп жыгылганы бүтүндөй тасмадан өтүп жаткансыйт. Кошуна келиндер айланчыктап жүрүшөт. Туугандар келишиптир. Бирок, алардын баары тең эч бир максатсыз, туш келди басып жүргөндөй. Керек болсо сүйлөшкөндөрү да мааниси жок, байланышы жоктой сезилет. Акылыма эч нерсе чүргөлбөйт. Оюмда бир гана Кабыл. Ошол келсе эле баары ордуна келчүдөй сезилет. Ордуман туруп издеп жөнөйм. Кудум баягы экөөбүз баратып авария болчуда, кыйрап жаткан машинадан эптеп сүйрөлүп чыгып, аны издегендей темтеңдеп издейм. Бири-бирине жабышып, эмнеси кимисиники экени билинбей калган эки машинаны тегерене басып, кайсы жеринен Кабылды сууруп чыгарымды билбей чарк айланып жүргөндөй, тура калып издеп жөнөйм. Бирок, баягы эле кыжылдаган кошуна келиндер, туугандар кармап калышат. Жөнөтүшпөйт. Тургузушпайт. Өзүм да түшүнбөйм. «Булар эмне болуп калган?» дейм. Кыжырым келип кээде урушам. Бирок, алар мени укчудай түрү жок. Деги эле эч ким эч кимди укпай чурулдап атышат.

– Боз үй тигилдиби? – дейт бирөө.

– Машина келдиби? Базарга ким барат? – дейт дагы бири.

Дагы бирөө болсо казан издеп жүрөт. Дагы бирөө килем, кийиз сурап атат. Такыр түшүнүксүз. Бир гана Кабылды эстеген киши жок. «Ушунча топураган адам эмнеге чогулду? Бирөө да Кабылды эстеп койбойт го булар» дейм. «Баягы эле көр оокат булардын ойлогону» дейм. Бирөө жүрөт шымаланып, «кой алып келдим. Жүрүгүлө соё калалы» деп. «Койду эмнеге соёт?» деп коём. Бирок, аларга сүйлөгүм да келбейт. Бат эле кымгуут болуп кетет. Кайра эле Кабылымды издеп жөнөйм. Бат эле баягы ооруκананын узун залы эсиме келет. Бат эле баягы авария болуп, автоунаалар балжа-булжа болуп жаткан жер көз алдыма тартылат. Анан эле Кабылды издеп жөнөйм. Кайра эле келиндер, туугандар жабылып калышат. Же мени тургузушпайт, же өздөрү издешпейт. Ошого туталанам. Урушам, ызаланам, ыйлайм...

Бир маалда боз үйгө кир деп киргизишти. Короого боз үй тигилип калыптыр. Бирок, ичи көөдөй караңгы, суук экен. Мынчалык түрү суук боз үй көргөн эмесмин. Зордоп эле киргизишти. Деги мага нокто катып алгандай эле ары бери жетелеп жүрүшөт. Өз оюм менен эч нерсе кыла албай калдым. Кабыл ушул жерде деп айткандар да болду. Ошого да алаксып кирип келдим окшойт. Бирок, Кабылым мындай куту качкан, аңгыраган боз үйдүн ичинде эмне кылып отурмак эле. Тигинде балдары чыгып отурат. «Барат эле да ошолорго» дейм.

«Көргөзбөй эле койгулачы. Такыр таанылгыс болуп калыптыр» деди бирөө арттан. Бирөө болсо «Мейли, көрсүн. Биротоло көксүнү сууйт» деди. Кимге эмнени көргөзө албай жатышканын билгеним жок. Бир маалда жетелеп келип капшыттагы килемди көтөрүп киргизишти. Сундуйган бирөө жаткан экен. Үстүндөгү жабууну ачып көргөзүштү. «Кабылың менен коштошуп кал, кургур» деди бирөө.

Карс-курс эле дейт түштү туш тарап. Машина аласалып, айнектер чачырап кетти. Бул жолу боз үй да кошо тоголонуп баратты. «Машинабызда боз үй бар беле?» деген ой мээме зып эте калды ошондо. «Кокуй кармагыла! Эсин жоготуп койду. Суу!» деген үндөр алыстан угулуп барып дымырап калды. Өзүм эле калгансыдым. Машина көпкө чейин тоголонуп баратты. Бирок кайда чимирилбесин боз үйдүн түндүгүнө окшогон кайчылаш жыгачтар көз алдыман кеткен жок. Анан эле Кабыл эсиме келет. Ал рул кармап бараткан. Мен жанында отургам. Машина токтосо издеп келейин дейм. Айнектен чыгып кеттиби дейм. Курун тагынбай койгонун эстеп туталанам. Азыр тарта койсомбу деп далбастайм. Бирок өзүмдү кармай албайм. Машина тоголонуп баратты. Эки жакты караганга дарманым жок. Бирдемени тырышып кармап алгам. Коё берсем эле машинадан чыгып кетчүдөй болом. Көз алдыман гана түндүк кетпейт. Кайда аласалсак деле түндүк кетпейт. Кээде кимдир бирөөлөрдүн чаң-чуң эткен үнү угула калат. «Колу карышып калды» деген үндөр жаңыра түшөт үзүлкесил. Кимдин колу дейм. Кабылды карайм. Ал көрүнбөйт.



Курун тартынбай койбоду беле деген ой кайра шып этип чүргөлө калат. Кайра эле курун тартайын дейм. Бирок колумду коё бергенден корком...

Көптө араң токтоду машина. Бирок, негедир көп кишинин арасына токтоду. Жалаң аялдар экен. Кантип ушул жерге токтогонун түшүнбөйм. Булардын баары кайдан чыга калды? Маңдайымда боз үйдүн чамгарагы турат. Жанатан көз алдыма тартылып аткан түндүк дале маңдайымда турганын көрүп таңыркайм. Аялдар болсо өздөрүнчө күрү-гүү. Шыпшынып жүрөт кээ бири. Кээ бири бышактап ыйлап алган. «Дары иччи. Суу иччи» деп өнтөлөшөт. Бергенин ичип койдум. Тур дегенин угуп турам, отур деген жерине отурам. Көөдөй караңгы боз үйдүн ичинде капшытты карап отурдук. Жанымда эки аял бар. Бирөө тынбай үңүлдап ыйлап атат. Жаным жер тарта баштады. Шылкылдап көзүм илинип бараткансыйм. «Кабыл келгиче уктабайын» деп коём кайра. Бирок болбойт. Арттан бирөөнүн «Ушунча дары бердик эми уктап кетер» дегени кулагыма илинди. «Кимди уктатып атышат?» дедим. Анан мемиреп кеткенсидим. Бирок түнү бою аварияга кабылып, Кабылды издеп чыктым. Улам эле зуулдаган бойдон келип алдыбыздан чыга калган машинага урунабыз. Анан ызы-чуу башталат. Тарса-турс болот да, машина айланып жөнөйт. Анан машинадан суурулуп чыгып Кабылды издейм...

Бир маалда бирөө оозума суу кармап турган экен. «Ме гой мобуну ичип алчы» деп жатыптыр суу кармаган аял. «Түнү менен жөөлүп чыкты, бечара» дейт нары жактан бирөө. Башым жарылчудай заңгырап ооруйт. Суу ууртайын дедим эле жүрөгүм айланып туруп алды. Суу куюп келип бетимди жуушту. Ушул тапта сырттан бирөөнүн күбүрөгөн үнү угулду.

– Жеңем турдубу? Кишилер келе баштады. Тезирек мал сойбосок болбойт, – деди бирөө.

– Тиги аталаш агасы бар эмеспи. Ал эмне дейт? – деди нары жактан.

– Ал деле ылайыктуу малым жок деп койду.

– О, кокуй! Анда эмне кылат элек? Малы жок болсо өзүн соёсуңарбы?!

– Омей! Кызык немесиз го! Союш керек да бирдеме. Ошо да болмок беле? Эл эмне дейт?!

Ушул жерден эсиме келип, бул жалган улана берерин, тезирээк эсиме келбесем болбой турганын сезе баштадым. Бирок, босогодон бопбоз болуп алы кетип, көзү тоодой шишиген кызым киргенде заманам кайра куурулуп, акыл-эсим кайра алай-дүлөй болуп кетти. Бечара кызым кирип эле «атакелеп» ыйлап келип алдыма кулады. Аялдар кайра чуру-чуу түшүп калды. Ошону менен кайра эле баягы авария, кайра эле баягы Кабылды издемей башталды. Колум дагы тырышып калыптыр. Курун тагайын дейм, колумду бошоткондон корком...

Бир топто тынчыды алай-дүлөй. Эсимди жоготуп, кайра эсиме келип атканымды эми байкадым. Болбосо жанатан бери окуялар бир заматта өзгөрүп кетип атканын түшүнбөй аткан болчумун. Көрсө, эсимди жоготуп жаткан турбаймбы. Аялдардын жөлөк-таягы менен эптеп сыртка чыктым. Сыртта толтура киши жүрөт. Короодо боз үй тигилип турат. Тигинде кишилер мал союп атат. Кайсы малды, кайдан табышканы белгисиз. Жанында Кабылдын айылдаш кошуналары, туугандары уругу жүрөт. Илгеркисинче баркылдап сүйлөгөндөрү да бар.

– Оо, эки эли чыкты. Жакшы байтал экен. 20дай чучук чыгат буюрса, – деп күпүлдөп атат көрпө тебетей кийгени.

– 20 чучук жөн эле чыгат. Жаныш байке кыйын экен. Таап келе калганын карабайсыңбы. Жазында мындай семиз жылкы оңой менен табылбайт да, – деди жанында турган жашыраак жигит.

– Кайдан таалтыр муну?

– Кабылдын уазы бар эмес беле. Ошону күрөөгө коюп акча алып келишти.

– Аа, мейли эми. Байкуш, көзү тирүүсүндө ошол уазы менен тирилик кылчу эле, эми көзү өткөндө да ишке жараган тура.

– Андан көрө ошонун акчасы жетиптирби?

– Кайдан жетсин? Үстүнө акча кошо турдум дейт. Кийин алаармын деди.

– Аа, ошентсин эми. Тууган дегендин ушундайда пайдасы тийбегенде качан тиет эле. Карызга берсе кийин ай бар, жыл бар, өндүрүп алар.

– Эээх, бечаралар ансыз да ижарага алган бусиги менен кырсыкка кабылып турду эле, эми колундагы болгон быдырын ломбардка берип мал сойдуңарбы э?

– Омей, кызыксың го. Анан эмне кылат элек? Же сен таап бересиңби малды?!

– Жок эй. Мен кайдан таап берет элем?

– Ии анда унчукпай отур. Бул илгертен келаткан салт. Өлгөндө киши келет, мал союлат. Тууган-туушкан, куда-сөөк келет топо салганы. Анан алар эмне деп барат? Салт билбеген немелер дебейби?

Жүзүмдү чайып атканда алар ушунтип кобурашып атышты. Бирок, көп деле маани бергеним жок. Кабылым жок болуп турган соң, эми мага баары бир эмеспи. Уазике кейийт белем. Кызымдан гана коркуп калдым. Байкушум жашабай жатып атасынан ажырады.

– Жоодар кайда? – дедим жанымда турган аялдан.

– Тигил үйдө го, – деп алаңдай жооп кайтарышты. Байкушум, али бала эмеспи. Ал кантти экен дегенди ойлогондо заманам дагы куурулуп, көзүм караңгылашып кетти. Бирок, бул жолу эптеп өзүмдү кармап калдым. Жанымдагы аял да сезе койгондой, эжекелеп жөлөй калып, жүзүмдү муздак суу менен сүртүп жиберди. Башым гана зыңылдай берди. Эптеп ордуман туруп, боз үйгө жөнөдүм. Сол тарабым бүтүндөй какшап ооруп турганын ошондо гана байкадым. Аварияда катуу урунсам керек...

***(уландысы бар)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!
***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

# Бир карга жолдошумду айланып, сайрап жүрөт

**1) Церковдун курулушунда иштесе болобу?**

*Талас, Аман.*

**Жооп:** Церковь дегенибиз кыргыз тилинде "чиркөө" деп айтылат эмеспи. Чиркөөнүн курулушуна иштөө туурасында аалымдар ортосунда төрт пикир айтылат:

**1.** Кимде-ким чиркөө курса, ыймандан чыгып каапыр болот. Имам Абул Хасан аль Ашьарийдин айтат: "Мусулман пендесинин чиркөө куруусу – куфурлук. Атказган жумушу куфурлукту каалагандыгынын далили болгондуктан, чиркөө куруу амалы куруучу адам үчүн "ридда" (динден чыгуу деп саналат)". Имам Караафийдин "аль Фуруук" китеби, 4\447.

**2.** Чиркөө куруу – арам. Чиркөө куруу, анын курулушуна жардам берүү, оңдоо-түздөө иштерине катышуунун баары арам экени жумхуур (көпчүлүк) аалымдардын пикири. Мааликийлер, Ханбалийлер, Шаафийлердин басымдуу көпчүлүгү жана Ханафийлерден Имам Абу Юсуф жана Имам Мухаммаддын пикири. Имам Маргиинанийдин "аль Хидаая" китеби 4\94, Имам Ибну Нужеймдин "аль Бахрур рааик" китеби 8\230.

**3.** Мусулман эместер ибаадаттарын өткөрө турган чиркөө куруу арам, ал эми музей же конок үйү сыяктуу кызмат аткара турган чиркөөлөрдү куруу мубах (арам эмес). Имам Шаафийдин "аль Умм" китеби 4\213.

**4.** Чиркөө куруу арам эмес. Имам Абу Ханийфанын пикиринде бир адам курулушчулук кылып, чиркөө куруп берсе, же өзүнүн имаратын чиркөө милдетин аткарганга ижарага берсе дурус (тыюу салынган эмес). Бул пикир Шаафийлерден Имам Заркашийден да айтылат. Ибн Нужеймдин "аль Бахрур рааик" китеби 8\230, Ибн Аабидиндин "аль Хаашиясында" 6\391, "аль Фатаава аль Хиндийяда" 4\450.

Албетте, Ханафий мазхабында Имам Абу Ханийфанын сөзүнө фатва берилип келгени менен, акыркы учурдагы Ислам академияларынын бардыгы Имам Абу Юсуф менен Имам Мухаммаддын жана жумхуур аалымдардын пикирине фатва берип келишүүдө. Валлоохуу Аьламу.

**2) Шариатта пирдин орду кандай? Агам пирине малы эгиз тууса бирин берет, жайлоого чыкса бир карын май салдырат пири үчүн.**

**Жооп:** Пир дегени устаз, мугалим, тарбиячы деген эле сөз. Илгертеден молдолорду, мугалимдерди, устаздарды эл-журт бакчу эле. Азыр деле ошондой болсо жакшы болот. Анткени курсагы ток болгон мугалимдин көңүлү да ток болот. Жакшы илим берет. Жакшы адамдын дубасын алган жакшы иш.

Бирок, айта турган жалгыз маселе, пирди Кудай ордуна көрүп албаш керек. Ал кишинин тарбиясын, илимин, маданиятын жана тажрыйбасын алып, Кудай Таалама жакындоонун амалын көргөнү мактоого татырлык нерсе.

**3) Намаз окуган адам дарылыкка эртең менен ачкарын спирт ичимдигин 1 кашык ичсе болобу?**

**Жооп:** Азыр дарынын түрү көп. Ошол дарылардан иче берсин. Мурунку арак ичип жүргөндөрдүн кээ бири намаз окуп калгандан кийин дарылыкка деген шылтоону карманып, ичип жүрүшөт. Антип кимди алдашат, билбейм. Өздөрүн эле алдашат ко.... Спирт аркылуу ачытылган дарылар башка кеп....

**4) Атамды жакшы көрөм, бирок акча сурай берет, берсем ичип алат. Эмне кылсам болот? Дуба кылып коюңузчу!**

**Жооп:** Кудай Таалам атаңызга, аталардын бардыгына ынсаптуулук берсин. Аны капа кылбаңыз. Өзүңүз да дуба кылыңыз...

**5) Бейбаш каштарды терип койсо болобу устаз?**

**Жооп:** Каштын өзүн терген болбойт. Анча-мынча бетке, жүзгө чыккан түктөрдү кетирсе боло берет.

**6) Мечиттин багына кой кайтарса боло береби?**

*Жалал –Абад, Өмүрбек.*

**Жооп:** Мечиттин имамы, жамааттан түзүлгөн комиссия чечим чыгарып берсе, койлорду кайтаруу жана жаюу мечиттин багына, мүлкүнө зыян жеткирбей турган болсо болот. Эгер мечитке ижара акысын төлөп берсе, ого бетер жакшы болот.

**7) Түшүмдө башка эркектер менен жүрөм, кээде төрөп, эмизип да калам. Бир курбум да ушундай түш көп көрөт. Эмне себептен мындай болот жана эмне кылсак болот?**

**Жооп:** Ар нерсени кыялдана бербей, ала турган ырахатыңды жолдошуңдан алганга аракет кылсаң, баары жакшы болуп кетсе ажеп эмес. Жубайлык жашоо өнөр. Аны окуп, үйрөнүүгө ар бир мусулман милдеттүү.

**8) Кийимдердин арасынан бир ууч түйүлгөн топурак таап алгам, анын зыяны тийбейби? Акыркы күндөрү депрессияга кабылып жүрөм. Мага дуба кылып коюуңузду көптөн-көп суранам.**

**Жооп:** Бирөө окуткан болсо керек. Бисмилланы айтып туруп, аны төгүп жибер. Иншаа Аллах зыяны тийбейт. Аллахым шыпаа берсин. Депрессиянын эң жакшы шыпаасы Куран окуганда жана укканда турат.

**9) "Хадис" академиясы тууралуу маалымат берип коюңузчу устаз? Кантип окусак болот, кандай шарттар менен?**

**Жооп:** Академия бүтүү астанасында турат. Өз убагында маалыматтарды беребиз. Азырынча "хужра" тартибинде окууну уланта беребиз...

**10) Жолдошумдун арак ичкенин токтотууга канчалык аракет кылсак да эч жыйынтык бербеди. Көрсөтүүлөрдүн биринде арак ичкендерге жардам берген табып тууралуу айттыңыз эле. Ошонун дарегин берсеңиз жакшы болмок.**

**Жооп:** Бекжан деген шакиртибиз бар. Ошол жигитке кайрылсаңар жардам болор: 0779181571,0701080888.

**11) Мен Москвада батирде намаз окуймун. Мечит алыс, азан угулбайт. Намазыма азан айтпай деле окусам болобу?**

**Жооп:** Боло берет. Бирок, өзүң уга тургандай кылып акырын айтып алсаң, андан бетер жакшы болгону турат.

**12) Жолдошум экөөбүз бир-бирибизди жакшы көрүп үйлөнгөнбүз. Бирок жолдошумдун ата-энеси, таенелери Исага (а.с) сыйынышат экен. Жолдошумду мечитке чыгарып жатып, калтырдым. Ажырашып кетейин дейм, бирок кызымдын тагдырын ойлоймун. Эмне кылсам болот?**

**Жооп:** Ажырашыштын кереги жок. Күйөөңдү дааватка жибер, жакшы болуп кетет. Тиги адашып жүргөн кайын журтка жакшы мамиле кылып, алардын туура жолго түшүүсүнө аракет кыл. Балким, алардын хидаятка келүүсүнө сен себепкер болорсуң.

**13) Өмүрүңүз жалаң жакшылык менен коштолсун устаз! Сиз үчүн абдан кубанам. Кыргыз элимде сиздей ыйманы, билими бийик, акыретин ойлогон, соопчулукка кызмат кылган кыргызымдын жаштары көп болсо экен. Үй-бүлө куруу алдында жоопкерчиликтерин аныктап, нике окутуп, анан ЗАГСка туруу керек деп ойлойм, устаз. Ошондо ажырашуу, никесиз төрөт, балдар үйү, карылар үйү, жүрөк оору, күнөөлөр, ысырапкорчулук кескин азаймак беле? Жаштар дүңгүрөтүп той беришип, арадан жыл өтпөй эле экөөсү эки жакта болуп калат. Балдары балдар үйүндө, ата-энеси оорукчан болуп калат. Мындай окуя баарыбыз үчүн маалым. Ошондуктан үмүт шоорасы сиздерде устаз. Кичинекей мекенибизди сактап калалы.**

*Ош, Эрке*

**Жооп:** Сиздин пикириңиз туура. Мен да колдойт элем... Бирок жөн эле сөз менен баары бүтүп калбайт.

**14) Биз бир жерди алалы десек, ал жер мурун мамлекетке карап, азыркы кожойкеси туура эмес жолдор менен өзүнө өткөрүп алган экен. Биз аны сатып алсак адал эле болобу?**

**Жооп:** Жок, ал туура эмес. Мамлекетти алдап алган мүлктөр, ошол алдамчы адамдыкы болуп калбайт. Аны мамлекетке кайтарып берүү милдеттүү болот.

**15) Негизи эле кыз бала тарбиялык мааниси бар кинолорго тартылса болобу?**

**Жооп:** Бул суроонун жообун ар кимдин абийирине коёт элем. Мен мисалы өзүмдүн кыздарыма каалабас элем.

**16) "Куран алипеси" китебинде эч кандай сүрөө жок. Даaратсыз кармасам күнөө эмеспи?**

**Жооп:** Болот. Боло берет.

**17) Атам жок, апам бар, 4 бир туугандыз. Баарыбыз бойго жетип калдык, бирок ишибиз эч жүрүшпөйт. Кичинебизде бизди дубалап койгон экен көзү ачыктар. Ошого ишенсек болобу?**

**Жооп:** Намаз окугула, жакшы иши жүрүшкөн адамдар менен дос болуп, ошолордон үлгү алууну үйрөнгүлө. Жашоодогу негизги максат Кудай Таалама сыйынуу экенин түшүнгөндө баары ордуна келет.

**18) Динге тиешелүү туура эмес маалыматтар эл арасында таркатылып жүрөт. Тилекке каршы, ошол нерсени туура экен деп кабыл алгандар да бар. Бул нерсени ким көзөмөлдөш керек?**

**Жооп:** Мамлекеттик коопсуздук кызматы, муфтият жана ар бир мусулман пендеси...

**19) Өзүм толмоч аялмын. Намазда туруп-олтуруу кыйыныраак. Турганымда сенделип кетем, намазым бузулбайбы?**

**Жооп:** Жок, бузулбайт. Этиет болуңуз. Арыктоонун аракетинде болуңуз.

**20) Кантип такыба аял алса болот?**

**Жооп:** Өзүң такыба болсоң, сага такыба аял жолугат. Дуба кылсаң, Кудай Таалам жаштын тилегин берет.

**21) Жолдошум Москвада. Мен бир жарым жаштагы баламды эмчектен чыгарып жолдошумдун жанына барайын дегем, бирок балам ыйлап болбойт. Чыгарып кетип калсам күнөөкөр болбоймунбу?**

**Жооп:** Баланы сагыныч менен оорутпагыла. Жаныңарда болсун. Тирүүлөй жетим кылбагыла!!!

**22) Чиркөөдө ортодо турган суунун даарылык касиети бар дейт. Ушул туурабы?**

**Жооп:** Эч кандай касиет жок. Ал жерде Аллах Таалага ширк келтирилип жатса, ал жерде дегеле касиеттүү нерсенин болуусу мүмкүн эмес.

**23) Шариаттын чеги менен кылынган той кандай болуш керек?**

**Жооп:** Арагы жок, арамы жок, ысырабы жок той жакшы болот.

**24) Башка адамдын паспортун операцияга колдонсом болобу? Орусиянын жарандарына арзан жасайт экен.**

**Жооп:** Башка мамлекетти деле алдаган жакшы эмес... Эми карап көр өзүң...

**25) Камандын терисинен жасалган куртканы селсаяктарга берсе болобу?**

**Жооп:** Мусулман эмеске берсең боло берет. Бирок, мусулманга бере көрбө...

**26) Устаз, бизге дуба кылып коюңузчу. Бир аптадан бери жолдошум сыртка чыкса бир карга келип, жолдошумду айланып учуп, сайрап жүрөт. Жакшылык эле болсун деп май токоч кылып, Куран окутуп элдерге таратып койдук.**

**Жооп:** Сабакта жамаат менен дуба кылабыз. Каргадан коркуунун кереги жок. Күйөөңүз жем берип көндүрүп койгон эмеспи?

Даярдаган: ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Мышыктан качып кудукка түшкөн чычкан... диний ахвалыбыз

"Сынак болуп жаткан. Маанилүү сынак болчу. Дегеле аркы дүйнөдөгү сырат көпүрөсүнөн өтүп жаткандай катаал. Тозокко же бейишке баруунду чечүүдөй суралган суроолор, мүнкарнанкир периштелериндей каардуу сынак алуучулар. Мунун баары адамды апкаарытат. Суракчылардын санынан деле таймаштын оор экенин байкаса болот. Алардын саны жетөө. Билесиздер, мүнкарнанкир экөө эле. Суроолор болсо эч бир мекемеде, же окуяда болуп көрбөгөндөй чар-жайыт. Ойлонуп көрсөңүз, мыйзамдар боюнча суроолор берилип атат, статистика боюнча суроолор берилип атат, азыркы учурдагы мекемелер тарабынан кабыл алынган концепцияларды жакшы билишиң зарыл. Диний ахывал, диндердин жана мазхаптардын тарыхы боюнча суроолор бар. Анысы аз келгенсип баары эски китептерден. Андагы юридикалык суроолорго бизде мыйзам жазган депутаттарыбыз деле жооп бералбаса керек. Себеби аябай жатташ керек экен. Бул сөз даана сүрөттөйт. Чынында эле, жатташың керек. А маанилүүсү такташ керек болчу, талдаш керек болчу. Дегеле жашообуздагы же жумушубуздагы айкалыштарды билишибиз керек болчу. Өкүнүчтүүсү, андай эмес. Жакшы эле даярдандым эле, бирок бовой калды. Себеби бир аксакал экзаменатор кызык суроо берип, бир жагынан суроого таң калып, бир жагынан суроонун жообу кандай болот деп буйдалып калдым. Жообун билбей калдым», – деп кападар болду маектешим.

### Аль-Азхарды уткан медресе


Өзү Каирдеги дүйнөгө атагы чыккан Аль-Азхар унивеситетин бүтүрүптүр. Ал жерде миңдеген жаштар билим алууга барып, бирок баары эле бүтүргөнгө чамасы жете бербейт дешет. Аны бүтүрүш үчүн бир өмүр аздык кылчудай. Биринчиден, араб тилин атагы ааламга тараган профессор-аалымдардын лекциясын түшүнүп конспектилей ала тургандай жакшы өздөштүрүүң абзел. Экинчиден, бир эле куран, тафсир, хадис илимдерине үңүлүп окуп тим болбой, светтик билимдердин тиешелүү тармакка айкалышкандарын да сиңиришиң керек экен. Жогоруда айткандай, бул окуу жайды бүтүрүү ар кимге эле насип болбоптур. Бул ар пендеге эмес, эр пендеге гана насип болчу нерсе. Азыркы маектешим болсо ошол эр пенделердин бирөөсү. «Ошентсе да өтпөй калдым» деп үшкүрүнгөнү ззэн кейитет. Ал илимдүү жигит эптеп бир жолун таап, жан багып кетээр. Бирок ар тарабыбыз жамаачы чапандай болуп турганда, мындай билимдүүлөр көп жерде эле сынактан өтпөй калып жүргөнүн эстеп менин да көзүм караңгылашты.

### Эси жок чычкандын кылыгы ай

Ойлонуп отуруп айылдагы эски медресени бүтүргөн «суракчы» эмне деп сурады экен деп сураганды кара жаным кашайып унутуп кала жаздапмын. Эстээрим менен ошого кызыктым. Деги айтылуу Азхарды жыккыдай эмнени сурады экен дедим акыры. Бирок, жообун угуп алып же күлөрүмдү, же ыйлаарымды билбей, делдейип калдым. Көрсө, суроо мындай экен: «Мышыктан качып бараткан чычкан түшүп кеткен кудуктун суусунан ичсе болобу, же болбойбу?» Маектешим да жообун таппай катуу кыйналыптыр. «Бир канча вариантты ойлонуп көрдүм», – дейт. «Суусун лабораторияга алып барып текшертиш керек. Мышык менен чычкандын экөөнү тең кандайдыр бир ооруга чалдыгып же чалдыкпаганын аныкташ керек. Дегеле кандай болсо да суу тазалоочу атайын чыпкалардан өткөргөндөн кийин ичсе болот. Себеби азыр технология өнүгүп, канализациянын суусун деле тазалап ичкенге жарай турган жабдуулар чыгып калды» деген жоопторду бериптир. Тилекке каршы, эч бири туура болуп чыкпаптыр. Ал жердеги сынакчылардан эң дасыкканы «сен өткөн жоксуң. Сага нөл деген баа. Ал тургай нөлдүн да жарымы», – деп чыгарып коюшуптур.

### Кайда барсаң Мамайдын көрү

Доорубузда бир адатка айланган көнүмүш бар эмеспи. Кандайдыр бир тармакка таандык маселе болсо ошол эле тармакты жамандап, зекип, шыбап туруп алабыз. Башка тармактардагы маселенин баары чечилип кеткендей болобуз тим эле. Жогорудагы окуяны укканда менин оюма да алгач ошондой нерселер келди. Дин кызматкерлерибиздин сабатсыздыгы, диний мекемелерибиздин дагы эле бир-эки кылым артта калган эрежелерди негиз алып жашагандыгы, дегеле диний тармагыбыздын аябай оор абалда болгону, жол таппай карайлаган жаштардын изденүүсү жана башка ар түрдүү маселелердин да кошул-ташыл болуусу менен Сирияга чейин «чындык издеп» кеткендиги... Бирок башка тарапка да көз чаптырганыбызда, же күнүмдүк турмушта бетме-бет келген окуяларды эстегенде «Кайда барсаң Мамайдын көрү» экендигин эстеп ззэниң кейийт. Чын эле башка тармактарда деле абал ушул. Мисалы билим берүү тармагыбыз көңүл көтөрөрлүк экендигин айталабызбы? Шаардын четине чыксаң 25 балалык класстарда 45-50 окуучунун отурганы, мугалимдин жетишпегени, окуу куралдарынын эскилиги жетип жарактан чыгып калганы, кылмыштуулуктун көбөйгөндүгү ж.б. ж.б... Ушунун баарын эстегенде, бул тармактын деле диний абалдан алдыда болбогонун айгинелейт. Жогорку окуу жайлардын маселесин мындай эле коёлу.



### Кеп чычканда эмес, даараттa тура

Экономика, саламаттыкты сактоо, айыл чарба, деги койчу дээрлик бардык тармагыбыздагы кармасаң чиригенден үзүндүсү уучта калат. Мунун баары эмнеден? Кайда баратабыз? Абалыбыз ошондой болсо да камырабагандыгыбыз, кенебестигибиз, дегеле кайдыгерлигибиз эмнени айгинелейт? Булардын баары Сократтын суроолорундай болсо да, жообу өзүбүздө эле болуп жүрбөсүн. Мисалы маселебизди чечүүнүн түйүнү, үй-бүлөбүздө, балдарыбыздын алдындагы тарбия берүү, өрнөк болуп өстүрүү кадамында болуп жүрбөсүн? Доор алмашкан сайын шарттар да алмашканын байкап, ошого жараша кам көрүүдөн башталсачы? Ааламдын, адамзаттын кайда баратканын талдап, ким болсо да аталган маселелерин чечкен элдерден сабак алууну караштырсак кантет? Кандай болгон күндө да, «ар бирибиз өз корообузду тазаласак, бүт көчө таза болот» дегендей, ар бирибиз жоопкерчилигибизди билсек, моюнга алсак, ошого жараша мээнет кылсак, бурадар.

Айтмакчы, жогорудагы чычкандын тагдырына, кудуктагы суунун өкүмүнө сиз да кызыгып калсаңыз керек. Ар бир доордун өзүнө таандык маселеси, өзүнө таандык суроо-жоопторy болот эмеспи. Негизинен бул табышмактуу суроо эски фикх же ислам укугу боюнча колдонмо китептерде өтөт экен. Илгери медреселерде суралган суроонун жообу мындай болуп чыкты: Мышыктан качкан чычкан түшүп кеткен кудуктан суу ичилбейт. Себеби лабораториялык илиметтөө барып суунун зыяндуу заттарга аралашканында эмес. Себеби – качып бараткан чычкан корккондуктан даараттын бузуп жибергенинде экен, бурадар.

Мына баардык маселелерибиз ушуга окшоп даарат бузулганында болуп жатат. Эми маселе кайда жатканын ойлонолу...

ЖАМАНКУЛОВ БЕРДИБЕК

# Мастандын энесин издегени

*(Уландысы)*

– Баса, сен алп кара куш менен өнөрлүү Маамыттардын бар экенине ишенип калдыңбы? – деп сурады мастан.

– Ананчы. Жанагы чогулгандын баары жомок китептерде жазылган. Көрсө алардын баары чын экен. Демек Эр Төштүк дагы, алп кара куш дагы, өнөрлүү Маамыттар дагы чын.

– Туура. Туура айтасың балакай.

– Баса, чоң эне, а сизди азыркы сыйкырыңыз үчүн Жез тумшук урушпайбы?

– Жок, урушпайт. Ал мага ансыз деле эң оор жаза берди. Эми урушса деле коркпойм.

Экөө ушунтип кобурашканча баланын үйүнө келишти. Атасы башын мыкчып эшиктин алдында отурган экен. Бир маалда ал баласын көрө коюп чуркап келип бооруна кыса көтөрдү. Кемпир бир саам аларды карап турган соң атасына кайрылып,

– Балаңарга рахмат. Аябай акылдуу, боорукер бала экен. Кечээ куюнда көзүм көрбөй, башым айланып өлүп кала жаздадым эле колуман жетелеп үйүмө жеткирип койду. Бирок кеч болуп кеткендиктен мен аны кайра жалгыз жибергеним жок. Силерди ушунча сарсанаа кылганым үчүн мени кечирип койгула, – деди.

– Аа макул. Макул. Эч нерсе эмес, – деп кудуңдай сүйлөдү атасы. Бул убакта үйдөн апасы да чыгып баланы карай чуркады. Бирок, алар канча суранышса да мастанды үйгө киргизе алышкан жок. Ал көчө бойлоп өйдө басты да биринчи эле бурулуштан кайрылып жок болуп кетти. Аңгыча ызылдаган шамал болуп, сапырылган куюн башталды. Баласы аман-эсен табылганына кубанып турган ата-эне жыргаган бойдон үйдү карай чуркады.

Бир гана баягы үйдүн чатырынан кулай жаздаган Керимбай кошуна көчөгө чуркап чыгып,

– Сыйкырчы! Баягы мастан дагы келди, – деп кыйкыра баштады. Бирок бул жолу ага аялынан башка эч ким көңүл бурган жок. Байкуш аялы гана артынан калбай чуркап,

– Э кокуй, кайдагы сыйкырчы? Сага суук тийип калган го. Бас үйгө, жылуураак жаткыралы, – деп чырылдап жүрдү.

*(аягы)*

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



## Күлүп кой

Эки жылкы кезигип калат. Бири экинчисине:

– Мен бактысыз жандыкмын! Кожоюнум аябагандай мыкаачы адам, таң аткандан күн батканча иштетет!

– Жаныбарларды коргоо коомуна арыз жазбайсыңбы?

– Жинди болбочу! Кожоюнум жазганымды билсе, офисине да иштетип койбойбу!

– Мен сулуумунбу?

– Ооба, сулуусуз.

– А минтсем сулуумунбу?

– Ооба, антсеңиз деле сулуусуз.

– А моминтип турсамчы, сулуумунбу?

– Ошентсеңиз да сулуусуз. Жолдош лейтенант, правамды бериңизчи, шашып атам, май да жок эле...

– Аялыңды ала качып алдың беле?

– Ооба.

– Анда, ата-энеси, байкелери артыңдан кубалаган турбайбы, э?

– Ооба.

– Кууп жетишти беле?

– Кууп жетмек турсун азыр чогуу жашап атабыз.








"Абу Бакр Ас-Сыддык" атындагы медресе

быйыл 9-классты бүткөн балдарды кабыл алат

Диний сабактардан сырткары окутулуучу сабактар:

- Информатика
- Алгебра
- Кыргыз тили
- Орус тили
- Чет тили
- Тарых
- Ж.Р.Т. (О.Р.Т) 3-курстан даярдык
- Дене тарбия

Дареги:
Бишкек ш., Арча-Бешик жаңы конушу
Тел.: 0558 033 665, 0773 033 665
medresenumberonekg@mail.ru
www.medrese.kg




| Аймактар | Сынак өткөрүлүүчү убакыт | Сынак өткөрүлүүчү жер |
|---|---|---|
| Чүй | 23.04.16 | Байтик а. "Кут Билим" |
| Ош | 07.05.16 | Ош ш. "SECOM" |
| Нарын | 16.04.16 | Нарын ш. "SECOM" |
| Ысык-Көл | 19.04.16 | Каракол ш."SECOM" |
| Жалал-Абад | 07.05.16 | Ош ш. "SECOM" |
| Баткен | 07.05.16 | Ош ш. "SECOM" |
| Талас | 16.04.16 | Талас ш. "SECOM" |

Байланыш тел:
0771311334
0778166177
0557253527

Дареги:
Чүй облусу,
Аламүдүн р-ну,
Байтик айылы

